




МАЙЫПТЫК ЖААТЫНДАГЫ
НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕРДИН

# ГЛОССАРИЙИ




Бишкек

SUOMI
FINLAND

Кыргыз Республикасындагы БУУнун Өнүктүрүү программасы

Майыптык жаатындагы негизги терминдердин глоссарийи Финляндиянын Тышкы иштер министрлиги тарабынан каржыланган БУУнун Өнүктүрүү программасынын (БУУӨП) «Кыргыз Республикасында адам укуктарын коргоону жана адилеттүүлүккө тегиз жетүүнү күчөтүү» (3-фаза) долбоорунун колдоосу менен түзүлдү. Документ Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин 2023-жылдын 4-сентябрындагы №150 буйругу менен бекитилген.

Бул басылманы толугу менен же жарым-жартылай билим берүү же башка коммерциялык эмес максатта автордук укук ээсинин уруксатысыз, булакка шилтеме кылуу менен колдоно алат.

Белгилүү бир уюмдарды, жерлерди, кызматтарды же айрым өндүрүүчүлөрдүн продуктуларын эскертип коюу алардын Кыргыз Республикасындагы БУУӨП тарабынан жактырылганын же сунуш кылынганын билдирбейт.

Кыргызстандагы БУУӨП бул басылмада камтылган маалыматты текшерүү үчүн бардык чараларды көрдү. Бирок жарыяланган материал ачык же кыйыр түрдө эч кандай кепилдиксиз таркатылып жатат. Материалдарды чечмелөө жана пайдалануу үчүн жоопкерчилик колдонуучуларга жүктөлөт.

Сүрөттөр, фотосүрөттөр жана иллюстрациялар БУУнун агенттиктеринин басылмаларына коюлган талаптарына ылайык колдонулду.

# КИРИШ СӨЗ



Тил мааниге ээ. Адамдар мааниге ээ.

Майыптык жаатындагы негизги терминдердин глоссарийи – бул жарандык коомдун, мамлекеттик мекемелердин, БУУнун агенттиктеринин жана БУУнун Өнүктүрүү программасынын биргелешкен иши. Ал майыптыгы бар түрдүү адамдарды, алардын коомдун бардык мүчөлөрү менен тең укукта болушун жана коомдук жашоо-турмушка толук аралашуусун тааныган терминология боюнча толук ресурс.

Глоссарийдин максаты – инклюзивдүү коомду куруугa жардам берүү. Маалыматтын жоктугу жана сөздүн туура эмес айтылышы инсанга зыян келтирип жана сыйлабастыкты көрсөтүшү мүмкүн. Алар биздин бир бөлүгүбүз болуп саналат жана бардык адамдар сыяктуу эле баалуу жөндөмдүүлүктөргө ээ. Аларга карата, бардыгыбызга төрөлгөндөн тартып берилген адамдык кадыр-баркты тааныган сөздөр колдонулушу керек.

Күнүмдүк баарлашууда, мыйзамдарда, расмий документтерде, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана адабиятта колдонулуучу тил жаңы тоскоолдуктарды жаратып, же эскилерди бузуу аркылуу мамилелерди калыптандыраары талашсыз. Тил өзгөрүүлөргө шыктандыра алат. Майыптык боюнча терминологияны кабыл алуу менен биз майыптыгы бар адамдарды мүмкүнчүлүгү чектелбеген, жан дүйнөсү жана ой жүгүртүүсү күчтүү адамдар катары кабылдоону калыптандыруугa салым кошо алабыз.

Глоссарий адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук ишке ашырууга көмөктөшүүчү БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясын (МАУК) жүзөгө ашыруу боюнча Кыргызстандын милдеттенмелерине шайкеш келет. БУУнун Өнүктүрүү программасы өлкөнүн негизги институттарына МАУКту ишке ашырууда, тоскоолдуктарды жоюуда жана майыптыгы бар адамдардын активдүү катышуусун камсыздоодо колдоо көрсөтүүгө милдеттенет.

Мен сиздерге майыптык боюнча глоссарийдеги терминдерди коммуникациялык саясатыңарга киргизип, күнүмдүк тажрыйбаңарда колдонууну сунуштайм. Келгиле майыптык жөнүндө түшүнүктү биргелешип карап чыгалы, адилеттүү жана инклюзивдүү коомду түзүүнүн үстүндө иштейли! Биз ар бир адамдын жөндөмдүүлүгүн бааланган коомду биргелешип түзөбүз.

*Александра Соловьева*
*Кыргыз Республикасындагы БУУӨПтүн Туруктуу өкүлү*

# КИРИШ СӨЗ



Мен кесипкөй юрист жана майыптыгы бар адам катары майыптыгы бар адамдарга карата тил өзгөчө мааниге ээ деп ишенимдүү айта алам. Анткени тилдин адамдарга таасир этүүчү функциясы бар: тилдин жардамы менен биз кандайдыр бир маалыматты жөн эле жеткирбестен, ага карата белгилүү бир мамилени калыптандырабыз.

Бизди, майыптыгы бар адамдар деп атаган сөздөрдүн артында ар түрдүүлүк жана майыптык, теңсиздик же агрессия жөнүндө начар маалымдуулук проблемалары болушу мүмкүн. Анткени, бизди көптөн бери «майыптар» деп атап келишкен, бул сөз – анык эмес, жол берилгис, туура эмес же ката деген маанини билдирет. Биз «майыптыгы бар адам» деген терминди киргизүүгө жетиштик, анткени биз эң оболу адамбыз, коомдун толук кандуу мүчөсүбүз жана мамлекеттин жарандарыбыз, андан кийин – майыптыгыбыз каралат.

Адамдын кадыр-баркын жана инсандыгын урматтоого чакырган терминдерди киргизүү аркылуу тилди акырындык менен өзгөртүү жөн гана саясий көз караш эмес, майыптыгы боюнча басмырлоого каршы күрөш болуп саналат.

Биз сиздерге майыптык боюнча негизги терминдердин тизмегин сунуштайбыз, ал аркылуу коом майыптык жөнүндө маалыматын кеңейтет, майыптыгы бар адамдар коомдун мүчөлөрү сыяктуу эле коомдук жашоо-турмушка катышуу үчүн кандай шарттарды түзүү керек экендигин билет деп үмүттөнөбүз.

Биз майыптык дайыма эволюцияланууучу көрүнүш экендигин, ага болгон мамиле өзгөрүп тураарын, ошондой эле майыптыгы бар адамдарга карата мамилени өзгөртүү да талап кылынаарын түшүнөбүз. Тил да, мыйзамдар да статикалык эмес, айрым сөздөр же ченемдик укуктук актылар эскирип, жаңы терминдер жана актылар пайда болуп турат. Биз үчүн мындай глоссарийди түзүү акыркы жыйынтык эмес, майыптык тууралуу сүйлөшүүнүн башталышы. Биз укуктук мамлекетте чыныгы инклюзивдүү коомду түзүү максатында сиздерди ачык диалогго чакырабыз.

*Толкунбек Исаков*

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңештин төрагасынын орун басары,*
*«Майыптыгы бар адамдарга юридикалык жардам көрсөтүү» фондунун президенти,*
*Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи, Кыргыз Республикасынын юстициясынын отличниги.*

# АЛГЫ СӨЗ

2019-жылы Кыргызстан майыптыгы бар адамдардын бардык адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук жана бирдей пайдалануунy колдоо, коргоо жана камсыз кылуу максатын көздөгөн БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясын ратификациялады.

Конвенциянын текстинде «майыптыгы бар адам» деген термин колдонулат. Бул термин БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитети тарабынан сунуш кылынган «people-first language» принцибине негизделип, биринчи кезекте адамды, андан кийин майыптыгы болушун билдирген. Бул адамга болгон сый мамилени көрсөтүү, анын маанилүүлүгүн, кадыр-баркын баса белгилөө жана коомго активдүү катышууга көмөктөшүү.

Конвенция Кыргызстанда ратификациялангандан кийин майыптыгын аныктаган терминдердин тууралыгын кызуу талкуулай баштаашты. Бир кезде майыптыгы бар адамдардын укугун коргоо кыймылынын активисттери дефект же кемчилик дегенди билдирген «майып» деген терминди бир аз татаалдашкан «ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам» деген жаңы термин менен алмаштырууга аракет кылышкан. Убакыттын өтүшү менен ал оорулуу адамдын стереотиптик образын жараткандыктан, туура эмес деп эсептеле баштады. Анын ордуна «өзгөчө муктаждыктары бар адам» деген терминди колдонуу сунуш кылынган, ал дагы кийинчерээк туура эмес деп таанылды, анткени майыптыгы бар адамдар коомдун бардык мүчөлөрү менен бирдей муктаждыктарга ээ, аны канааттандыруу үчүн өзгөчө шарттар гана керек. Өзгөчө муктаждыктары бар адамдар эмес, алардын муктаждыктарын канааттандыра турган шарттар аларды бүтүндөй коомдон бөлбөй же обочолонтпостон, алардын чөйрөсүндө түзүлүшү керек.

Коом өзүнүн майыптыкка болгон мамилесин кайра карап чыгууда. Майыптыкты кабыл алуу менен бирге тил да өзгөрөт. Тил чоң күчкө ээ, анткени ал коомдо орун алган стигманы, терс көз-караштарды жана майыптык жөнүндөгү стереотиптерди жок кылууга өбөлгө түзөт. Терминдерди ыраатгуу колдонуу, майыптыгы бар адамдын кадыр-баркын сыйлоо жана таануу менен ар бирибиз кырдаалды жакшы жагына өзгөртө алабыз жана коомубузда инклюзивдүү маданиятты түзүүгө салым кошо алабыз.

Майыптык жаатында тигил же бул терминди колдонуунун тууралыгын талкуулап жатып, биз туура терминдердин тизмесин берип, алардын аныктамаларын берип, колдонуунун маңызын түшүндүргөн глоссарий керек деген тыянакка келдик.
е
Глоссарийди түзүү үчүн БУУнун Кыргыз Республикасындагы Өнүктүрүү программасы тарабынан жумушчу топ түзүлүп, анын курамына Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин, Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин өкүлдөрү кирген.

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча конвенциясынын «Бизсиз биз жөнүндө эч нерсе!» принцибин сактоо максатында терминдер жана алардын аныктамалары Кыргызстандагы майыптыгы бар адамдардын ар кандай топторунун өкүлдөрү, майыптык жаатындагы эл аралык жана улуттук эксперттер, академиялык жана илимий коомчулуктардын, ошондой эле майыптыгы бар балдардын ата-энелеринин ассоциациялары жана майыптыгы бар адамдарга кызмат көрсөтүүчү адистер менен кеңири талкуулардын жүрүшүндө берилген сунуштардын негизинде глоссарийге киргизилген.

**Глоссарий кызыкдар тараптардын кеңири чөйрөсүнө даректелген, анын ичинде:**

- майыптыгы бар адамдарга кызмат көрсөткөн адистер: медициналык, социалдык, юридикалык жана педагогикалык кызматкерлер;
- майыптыгы бар адамдардын коомдук уюмдарынын жана майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргогон жана илгерилеткен жарандык уюмдардын өкүлдөрү;
- майыптыгы бар жана майыптыгы жок балдардын ата-энелери;
- маданият, спорт, маалымат, архитектура, медиа, коммуникациялар жана транспорттук тейлөө кызматкерлери;
- академиялык жана илимий коомчулуктардын өкүлдөрү;
- саясий ишмерлер жана мыйзамдарды, программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуучулар.

Глоссарийдин түзүмү терминдерден, алардын аныктамаларынан, визуалдык шилтемелерден (түшүндүрүүчү иллюстрациялар, фотосүрөттөр, диаграммалар, схемалар) жана кошумча комментарийлерден турат. Глоссарий кыргыз, орус жана англис тилдеринде иштелип чыккан. Глоссарийдин электрондук версиясы, ошондой эле ылайыкташтырылган форматтагы версиясы (Easy To Read) https://www.undp.org/kyrgyzstan сайтында жеткиликтүү.

БУУӨПтүн расмий сайты

# ТИРКЕМЕ

**Тексттин түзүлүшү жана шартуу белгилери**

**Т ТЕРМИН**

Терминдин аныктамасы

Түшүндүрмө комментарий же мисалдар

Маанилүү эскертүү

Башка терминге гипершилтеме

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРЕБИЗ

Глоссарийдин түзүүчүлөрү көмөк көрсөткөндүгү жана эксперттик баасы үчүн Янина Арсеневага (Эл аралык Майыптык Альянсы), Зият Абдыкаимовго (Назарбаев Казакстан университети), Жылдыз Садыковага («Бириккен-кол» аутист балдардын ата-энелеринин коомдук бирикмеси), Гүлмира Казакуновага жана Виктория Бирюковага («Теңдик» коомдук бирикмеси), Назгүл Турдубековага («Баланын укуктарын коргоочулар лигасы» коомдук фонду) Татьяна Матохинага (Кыргыз билим берүү академиясы), Аскар Турдугуловго («Жаңы Жаш» коомдук фонду), Искендер Султаналиевге («Феномен» коомдук бирикмеси), Айчүрөк Кулмирзаевага («Сантерра» Даун синдрому менен балдардын ата-энелеринин коомдук фонду), Алия Турдиевага (Бишкек шаардык дүлөйлөр башталгыч жаштар уюму), Толкунбек Исаковго («Майыпыгы бар адамдарга юридикалык жардам көрсөтүү» коомдук фонду), Сейнеп Дыйканбаевага («Кыргыз Республикасынын Майыптыгы бар балдардын ата-энелеринин ассоциациясы» коомдук бирикмеси), Чолпон Мамбетаиповага (Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлиги), Салтанат Мамбетовага (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги), Зульфира Рыскуловага (Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги), Елена Ярская-Смирновага жана Никита Большаковго (Экономикалык жогорку мектеп, Россия), Курулай Мухамбетовага жана Анна Коняхинага (Казакстан Республикасынын Кесиптик социалдык кызматкерлер альянсы), Мэри Бекешовага (БУУнун Өнүктүрүү программасы) чоң ыраазычылык билдирет.

# ТЕРМИНДЕРДИН ТИЗМЕСИ


**А**

Абилитация жана реабилитация
Адаптивдүү (адаптацияланган) спорт
Ак таяк
Альтернативдүү коммуникация
Атайын олимпиада оюндары

**Б**

«Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!»
Брайл шрифти
БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы (МАУК)

**Д**

Деинституционализация
Дифференциацияланган мамиле

**Ж**

Жамааттын (коомчулуктун) деңгээлинде реабилитациялоо
Жаңсоо тили
Жеке ассистент
Жеткиликтүү чөйрө
Жеткиликтүү чөйрөнүн символдору
Жол көрсөтүүчү жаныбарлар
Жөндүү ылайыкташуу
Жөнөкөй форматтагы текст (Easy to Read)

**И**

Инклюзивдүү маданият
Инклюзия жана интеграция
ИЭК. Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун (ДССУ) Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы (ИЭК)

**К**

Катышуу
Коммуникациядагы мультимодалдык мамиле
Көз карандысыз жашоо
Көмөкчү (ассистивдик) технологиялар

**М**

Майыптыгы бар адамдарга карата этикет
Майыптыгы бар адамдарды дискриминациялоо
Майыптыгы бар адамдардын уюмдары
Майыптык
Майыптык багытындагы саясат
Майыптык боюнча изилдөөлөр (Disability Studies)
Майыптыкка карата укуктук мамиле
Майыптыктын моделдери
Майыптыктын түрлөрү

**Н**

Нейротүрдүүлүк

**П**

Паралимпиадалык оюндар

**С**

Сурдолимпиада оюндары

**Т**

Теңчилик жана адилеттүүлүк
Тифлокомментарий же аудиодескрипция
Токенизм
Трансдисциплинардык мамиле
Тыныгуу (Respite Care)

**У**

Укук жөндөмдүүлүгү
Универсалдуу дизайн

**Ч**

Чогуу жашоо

**Э**

Эрте аныктоо жана эрте кийлигишүү

# А АБИЛИТАЦИЯ ЖАНА РЕАБИЛИТАЦИЯ

**Абилитация** – бул адамдарга белгилүү бир жаңы көндүмдү, жөндөмдү же билим алууга көмөк көрсөтүүгө багытталган процесс. Мисалы церебралдык шал диагнозу бар бала отурууну үйрөнүшү үчүн физиотерапевттин жардамына муктаж болушу мүмкүн. Башка балага «Р» тыбышынын айтылышын үйрөтүү үчүн логопед керек болушу мүмкүн. Балдар бул көндүмдөрдүн экөөнү тең өздөштүрө элек болгондуктан, бул учурларда окуу процесси абилитация деп аталат.

**Реабилитация** – адамдын ден соолугунун өзгөрүшүнүн натыйжасында жоголгон же бузулган көндүмдөрүн, жөндөмүн же билимин калыбына келтирүү процесси. Мисалы, азиз адамга тактиль таякчасын колдонууну үйрөтүү, же буту кесилгенден кийин орнотулган протезди колдонуу менен адамдын өз алдынча кыймылын калыбына келтирүү.

**Абилитациянын жана реабилитациянын негизги багыттары:**

**Социалдык (ре)абилитация** – адамдын социалдык чөйрөдө жашоо жөндөмүн өнүктүрүү, анын коомго аралашуусу жана обочолонуунун алдын алуу. Мындан тышкары бул - адам өзүнүн муктаждыгын канааттандырып, потенциалын ишке ашыра ала турган социалдык чөйрөдөгү өзгөрүүлөр. Мисалдар: адамдын өзүнө кам көрүү көндүмдөрүн өнүктүрүү (жеке гигиена, күнүмдүк тиричилик иштери, коопсуздук техникасы).

**Психологиялык (ре)абилитация** – майыптыгы бар адамдардын социалдык, эмоционалдык жана когнитивдик көндүмдөрүн, өз алдынчалыгын жана коммуникациясын калыбына келтирүү же өнүктүрүү аркылуу жашоо сапатын жакшыртуу жана жогорулатуу. Мисалы: жүрүм-турум терапиясы, арт-терапия, китеп терапиясы, жеке же топтук баарлашуулар.

**Медициналык (ре)абилитация** – организмдин бузулган же жоголгон функцияларын калыбына келтирүү же компенсациялоо жана адамдын ден соолугун чыңдоо, оору синдромун жеңүү. Мисалы: физиотерапия, дары-дармек терапиясы, медициналык массаж, санаториялык-курорттук дарылоо, протездөө (функцияны калыбына келтирүү: мисалы, колдун бионикалык протези) жана ортопедия (функцияны активдештирүү: мисалы, далыны түздөөчү корсет).

**Кесиптик (ре)абилитация** — адамды кесиптик милдеттерин же анын мүмкүнчүлүгүнө жана жөндөмүнө ылайык келген ар кандай иштерди аткарууга даярдоо (окутуу) же кайра үйрөтүү (кайра даярдоо). Мисалы: жумушка орношууга көмөктөшүү жана иш учурунда колдоо, жумуш ордуна ыңгайлаштыруу, кесиптик багыт берүү же кайра даярдоо, жумуштун көндүмдөрүн үйрөтүү (мисалы, компьютердик сабаттуулук).

**Физикалык (ре)абилитация** – ар кандай чөйрөдө (өзүн-өзү тейлөө, билим берүү, эмгек, спорт ж.б.. Мисалы: массаж, физиотерапия, механотерапия жана эмгек терапиясы.

**Техникалык реабилитация** – майыптыгы бар адамдардын билим алуусуна, ишке орношуусуна, транспортту пайдалануусуна, спорт, эс алуу, күнүмдүк турмушта өзүн өзү тейлөөдөгү тоскоолдукту жоюусуна көбүрөөк мүмкүнчүлүк берген технологияларды колдонуу. Мисалы: экзоскелетти же угуу аппаратын колдонууга үйрөтүү, ортопедиялык бут кийимдерди жана атайын кийимдерди кийүү.

# A АДАПТИВДҮҮ (АДАПТАЦИЯЛАНГАН) СПОРТ

Бул майыптыгы бар же өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү бар адамдарды физикалык көнүгүүлөр аркылуу абилитациялоо же реабилитациялоо. Адаптивдүү спорттун максаты – адаптивдүү спорттун түрлөрүнүн бири аркылуу социалдык интеграция, күнүмдүк турмушта социалдашуу же өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билимди, ыкмаларды жана көндүмдөрдү калыптандыруу.

Адаптивдүү спорт күнүмдүк жашоодо иш-аракеттерди ийгиликтүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү белгилүү бир функцияларды өнүктүрүү үчүн колдонулат: мисалы, протездерди колдонуу үчүн машыгуу аркылуу дененин булчуңдарын чыңдоо; майыптыгы бар адамдардын колясkасын колдонуу үчүн колдун чыдамкайлыгын жана күчүн чыңдоо.

Адаптивдүү спорт ар түрдүү майыптыгы бар адамдар үчүн сунушталат (физикалык, сенсордук, интеллектуалдык, психосоциалдык же бир нече майыптыгы бар). ⇨(Майыптыктын түрлөрү). Мотивацияны жогорулатуу жана адаптацияланган спортто өзүн-өзү максималдуу өнүктүрүү үчүн топтук же массалык мелдештер өткөрүлөт. Адаптивдүү спорт паралимпиадалык кыймылдын негизги түзүмү болуп саналат ⇨(Паралимпиада, Сурдлимпиада, Атайын Олимпиада оюндары).






Сүрөттө: адаптивдик спорттун машыктыруучусу Турдиев Ислам ар кандай майыптыгы бар балдар жана чоңдор менен суудa сүзүү боюнча сабак өтүүдө.

# А АК ТАЯК

Ак түстөгү таяк азиздердин жана көрүүсү начар адамдардын кыймылына көмөкчү каражат катары колдонулат. Башкалар аны таанып билиши үчүн ал ак түскө ээ.

Ак таякты Биринчи дүйнөлүк согушта көрүүсүн жоготкон ардагерлер үчүн жол табууга жардам көрсөтүү максатында 1931-жылы Францияда Гийей д'Эрбемон ойлоп тапкан.

**Ак таяктын бир нече түрлөрү бар:**

**Узун (таянуучу, стандарттуу, стационардык, бүтүн) таяк** колдонуучунун жолундагы объектилерди табууга арналган мобилдүүлүк куралы катары иштелип чыккан. Таяктын узундугу колдонуучунун боюна жараша болот жана полдон колдонуучунун көкүрөгүнө чейин болушу керек. Узун таяктын учу тегеректелген же учтуу болот. Аны колдонуу реабилитациялык адис тарабынан окутууну талап кылат.

**Символикалык (идентификациялык) таяк:** көбүнчө кыймыл үчүн колдонулбаган кыска таяк. Бул адамдын көрүүсү начар экенин башкаларга эскертүү үчүн керек. Маселен, мындай таякты колдонгон жөө жүргүнчү айдоочуларга жолдо этият болууну эскертет. Кээ бир көрүүсү начар адамдар символикалык таякты тепкичтердин, бордюрлардын, эшиктердин жана терезелердин четтерин билүү үчүн колдонушат.

**Багыттоочу таяк** адатта, узундугу полдон белге чейин болот, коргонуу үчүн колдонулат, колдонуучуга бир кадам алдыдагы айлана-чөйрө жөнүндө маалымат берет. Мындай таяк жолду жана тепкичтерди, тегиз эмес беттерди, бейтааныш жерлерди сканерлөө үчүн колдонулат. Туура колдонуу жана коопсуздукту камсыз кылуу үчүн реабилитациялык адистен окуудан өтүү сунушталат.

**Колдоочу таяк** көрүүсү начар же азиз колдонуучуга физикалык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан, ошондой эле таяк идентификациялоочу каражат катары кызмат кылат. Мындай таяктын мобилдик түзүлүш катары мүмкүнчүлүгү чектелген. Мындай таякты көрүүсү начар адамдар гана эмес, физикалык тең салмактуулукту сактоого муктаж болгондор да колдонушат.

**Балдар таякчасы:** Бул таяк чоңдор үчүн узун таяк сыяктуу колдонулат, бирок балдар үчүн иштелип чыккандыктан кичине жана жеңилирээк.

Ак таяктын заманбап түрлөрү алыскы предметтерди «сезүү» үчүн кичинекей ультраүндүү сонарды, ошондой эле GPS навигациясы үчүн түзүлүштү камтышы мүмкүн.



Сүрөттө камыштын төрт түрүн колдонуу көрсөтүлгөн.

Эл аралык азиздер федерациясынын демилгеси менен 1970-жылдын 15-октябры - Эл аралык ак таяк күнү деп жарыяланган. Бул күндүн негизги максаты – көрүүнүн бузулушу тууралуу коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу.

# А АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ КОММУНИКАЦИЯ

Бул коммуникациянын көп каналдуу ыкмалары, алардын жардамы менен кыйналып сүйлөгөн адамдын оозеки (вербалдуу, үн) сүйлөөсү толукталат (кеңейтилет) же алмаштырылат.

Көп каналдуу коммуникация органдардын ар кандай сезимдерин колдонууну билдирет - угуу, көрүү, кинестетикалык (тактильдик) кабылдоо ⇨(Коммуникациядагы мультимодалдык мамиле, Дифференциацияланган мамиле).

Альтернативдүү коммуникация толуктоочу деп дагы аталат. Англис тилинде AAC аббревиатурасы колдонулат, ал "Augmentative and Alternative Communication" - альтернативдүү жана аугментивдүү (кеңейтүүчү, көбөйтүүчү) коммуникация дегенди билдирет.

Альтернативдик коммуникация интеллектуалдык жактан (эс-тутум, көңүл буруу, абстракттуу ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү чектелген), психосоциалдык (эмоционалдык өзгөчөлүктөр, байланыштын бузулушу: мисалы, аутизм спектринин бузулушу), физикалык (кыймылдын бузулушу же организмдин кандайдыр бир функцияларынын бузулушу - көрүү, угуу) майыптыгы бар, сүйлөө органдарынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү, сүйлөө мүмкүнчүлүктөрүнүн убактылуу чектөөлөрү бар адамдар менен баарлашууда колдонулат.

**Альтернативдүү коммуникация төмөнкүлөрдү камтыйт:**

**Жаңсоо системасы:** символикалык социалдык жаңсоолор, мимика жана кыймылдар; жөнөкөй предметтик аракеттерди туураган жаңсоолордун тобу; сүрөттөмө жаңсоолор.

**Символдор системасы:** графикалык сүрөттөр, тамга.

**Тактильдик сезимдер аркылуу коммуникация системасы:** таптоо, сылоо титирөө, басуу, тийүү.


**PECS карточкалары аркылуу коммуникация системасы:** PECS ("Picture Exchange Communication System"; Сүрөттөр менен алмашуу коммуникациялык системасы) - бул “Pyramid Educational Consultants, Inc” компаниясы тарабынан иштелип чыккан альтернативдүү жана кошумча (аугментативдик) коммуникациялар (ADC) системасы, анда сүйлөө кыйынчылыгы бар адам өтүнүч билдирүү, окуяга комментарий берүү, суроого жооп берүү ж.б. үчүн сүрөттү/карточканы колдонот. Билдирүү бир же бир нече карточканы колдонуу менен түзүлөт, андан кийин маектешкен адамга берилет.

PECS карточкалары




Сүрөттө: объектилердин сүрөттөрү жана

“Макатон” символдор системасы




Сүрөттө: символдордун сүрөттөрү жана күнүмдүк иш-аракеттер

# А АТАЙЫН ОЛИМПИАДА ОЮНДАРЫ

Дүйнөлүк Атайын Олимпиада Оюндары, Атайын Олимпиада.

Бул интеллектуалдык майыптыгы бар адамдар үчүн төрт жылда бир өткөрүлүүчү эл аралык мультиспорттук иш-чара.

Атайын Олимпиада оюндарынын негиздөөчүлөрү Юнис Кеннеди Шрайвер жана Сарджент Шрайвер болуп саналат, алар майыптыгы бар балдар жана чоңдор үчүн биринчи спорт лагерин түзүшкөн. Биринчи Атайын Олимпиада оюндары АКШда 1968-жылы Чикагодо өтүп, ага 1000дей адам катышкан. Ошол эле жылдын декабрында кайрымдуулук уюму статусун алган Атайын Олимпиада уюму түзүлгөн. Бул жылдардын ичинде д үйнөнүн 180 өлкөсүнөн келген үч миллиондон ашык адам атайын олимпиада кыймылынын катышуучулары болуп калышты.

Бардык катышуучулар спорттук даярдыгына жараша дивизиондорго бөлүнөт. Атайын Олимпиадада жеңүүчүлөр же жеңилгендер жок; сыйлыктар рекорддор үчүн эмес, тырышчаактык жана жеңишке умтулгандык үчүн берилет. 1-3-орундар медаль, 4-8-орундар лента менен сыйланышат. Ошондой эле Атайын Олимпиадаларда катышуучулардын улуту белгиленбейт жана ар кайсы өлкөлөрдүн ортосунда «командалык эсеп» жок. Алар майыптыгы бар адамдарды социалдаштыруу жана тышкы дүйнө менен өз ара аракеттенүү, өзүн-өзү сыйлоо сезимин жана ишенимин жогорулатуу, катышуучулардын жашоо тажрыйбасын кеңейтүү (көндүмдөргө, жеке жетишкендиктерге ээ болуу), функционалдуулук мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу максатында өткөрүлөт.

**Атайын Олимпиадада расмий спорттун түрлөрү үч категорияга бөлүнөт:**

**Жайкы:** суу спорту (сууда сүзүү), гольф, жеңил атлетика, гандбол, баскетбол, дзюдо, бадминтон, спорттук гимнастика, көркөм гимнастика, бочче, пауэрлифтинг, боулинг, ролик коньки тебүү, велосипед спорту, парустук спорт, ат спорту, софтбол, футбол, стол тенниси, теннис, волейбол.

**Кышкы:** тоо лыжасы, шорт-трек, лыжа жарышы, сноуборд, көркөм муз тебүү, сноуборд жарышы, полдо хоккей (флорбол).

**Таанылган спорт түрлөрү:** крикет, байдарка, флорбол.


# Б «БИЗ ЖӨНҮНДӨ БИЗСИЗ ЭЧ НЕРСЕ АЙТЫЛБАСЫН!»

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын негизги принциби - бул майыптык менен байланышкан бардык маселелер боюнча чечимдер майыптыгы бар адамдардын, анын ичинде балдардын катышуусу менен гана кабыл алынышы керек дегенди билдирет.

Майыптыгы бар адамдар өздөрүнүн жашоосундагы маселелер боюнча өз пикирин билдирүүгө укуктуу, анын негизинде чечимдер кабыл алынышы керек, анын ичинде алар бүтүндөй коомго эң чоң салым кошо алат.

«Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!» деген ураан жүздөгөн жылдар бою ар түрдүү маданияттарда эч бир саясат, топтун мүчөлөрүнүн же ошол саясатта кеп болуп жаткан топтордун толук жана түздөн-түз катышуусуз эч кандай өкүл тарабынан аныкталбашы керек деген идеяны берүү үчүн колдонулуп келет. Бул саясий, социалдык жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдөн обочолонгон адамдарга тиешелүү.

1990-жылдары жазуучу жана майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоочу активист Жеймс Чарлтон ушундай эле аталыштагы китеп жазып, майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо кыймылына ушул ураанды колдонгон. Ал майыптыгы бар адамдар өздөрүнө эмне керек экенин жакшы билишет деп ишендирет. Ошондуктан алар майыптыгы бар адамдардын муктаждыктарына шайкеш мыйзамдарды, саясатты жана турак жайларды иштеп чыгууга салым кошушу керек. Бул ураан майыптыгы бар адамдардын коомдун социалдык, саясий, маданий жана экономикалык жашоосуна толук катышуусуна көмөктөшүүчү глобалдык кыймыл тарабынан колдонулуп келет. Бул чыныгы инклюзивдүү коомдун өнүгүшүнө жана майыптыгы бар адамдардын укуктарын ишке ашырууга бөгөт койгон тоскоолдуктарды жоюуга өбөлгө түзөт.




Сүрөттө Джеймс Чарлтондун «Бизсиз биз жөнүндө эч нерсе айтылбасын!» китебинин мукабасы көрсөтүлгөн.




Сүрөттө: жөө маршы – коляска колдонгондор жол боюнда ыраатуу жүрүп баратышат.

Кыргызстанда бул ураан жыл сайын Бишкекте, андан соң Ысык-Көлдүн айланасында ар кайсы өлкөлөрдөн келген адамдардын башын бириктирген майыптыгы бар адамдардын жөө жүрүштөрү аркылуу кеңири белгилүү болгон. Жүрүштөр «Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын!» деген ураандын алдында өттү жана БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча конвенциясын Кыргызстандын ратификациялоосун колдоо максатында уюштурулган. Бул жүрүштөрдүн демилгечиси болуп «Теңдик» коомдук бирикмеси саналат. Коомдогу майыптык тууралуу терс стереотиптерди жок кылуу максатында жөө жүрүштөрдү өткөрүү салты учурда Кыргызстанда да уланууда.

# Б БРАЙЛ ШРИФТИ

Бул көзү азиз жана көрүүсү начар адамдын жазуусу жана окуусу үчүн иштелип чыккан рельефтик-так тактиль шрифти.

Окуу учурунда адам белгилерди (тамгаларды, сандарды) томпок чекиттер менен аныктайт, ал эми жазганда чекиттерди тешип коёт (бул оңдон солго жасалат, андан кийин ошол барактын ары жак бетинен солдон оңго карай окуу үчүн) .




*Сүрөттө. Брайл шрифти*

Брайл шрифти 1824-жылы Францияда Луи Брайл тарабынан түзүлгөн. Ал дүйнөнүн ар кандай тилдерине ылайыкташтырылган. Кыргызстанда орус шрифтинин стандарты көп жылдардан бери колдонулуп келген, бирок 2023-жылы Кыргызстандарт кыргыз тилиндеги Брайл шрифтин бекиткен. Брайл шрифтин колдонууну тифлопедагог үйрөтөт.

Брайл шрифти басма жана жазуу материалдарында гана эмес, курчап турган мейкиндикте да колдонулат, мисалы, тактиль-визуалдык такталарга же чаптамаларга, тактиль-контрасттык пиктограммаларга, рельефтик-графикалык схемаларга жана пландарга кошумча катары колдонулат.



Сүрөттө: клавиатурадагы Брайл шрифти.




Сүрөттө: лифттеги Брайл шрифти



Сүрөттө: артпы планда Везувий тоосунун көрүнүшү менен Сант'Эльмо сепилиндеги тосмолордо Брайл шрифтиндеги текст (Италия).




Сүрөттө: шоколад таңгагындагы Брайл шрифти.

# Б БУУНУН МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯСЫ (МАУК)

Бул - катышуучу өлкөлөрдүн ортосундагы эл аралык келишим, ал келишимдин жоболорун урматтоого, илгерилетүүгө жана эл аралык келишимдик органдын (бул жерде: БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитети) улуттук кырдаалды кароо компетенциясын таанууга милдеттенет.

Конвенциянын максаты майыптыгы бар адамдардын бардык адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук жана бирдей пайдаланышын колдоо, коргоо, камсыз кылуу, ошондой эле аларга таандык кадыр-баркын урматтоого көмөк көрсөтүү болуп саналат. Конвенция укуктук мамиленин принциптерине негизделген ⇨(Майыптыкка карата укуктук мамиле).

**Конвенцияда төмөнкүдөй укуктар баяндалган:**

5-берене: Теңчилик жана басмырлабоо
6-берене: Майыптыгы бар аялдар
7-берене: Майыптыгы бар балдар
8-берене: Тарбиялык иштер
9-берене: Жеткиликтүүлүк
10-берене: Жашоо укугу
11-берене: Тобокелдик жана өзгөчө кырдаалдар
12-берене: Мыйзам алдындагы теңчилик
13-берене: Сот адилеттигине жетүү
14-берене. Эркиндик жана жеке кол тийбестик
15-берене: Кыйноодон жана ырайымсыз, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиледен же жазадан эркиндик
16-берене: Зордук-зомбулуктан жана кыянаттыктан коргоо
17-берене. Жеке коргонуу
18-берене: Эркин жер которуу жана жарандык
19-берене: Көз карандысыз жашоо жана жергиликтүү коомчулукка катышуу
20-берене: Жеке мобилдүүлүк
21-берене: Сөз эркиндиги жана маалыматка жетүү
22-берене: Жеке жашоонун кол тийбестиги
23-берене: Үйдү жана үй-бүлөнү урматтоо
24-берене: Билим берүү
25-берене: Ден соолук
26-берене. Абилитация жана реабилитация
27-берене: Эмгек жана иш менен камсыз кылуу
28-берене. Жашоонун тийиштүү деңгээли жана социалдык коргоо
29-берене: Саясий жана коомдук турмушка катышуу
30-берене. Маданий турмушка, эс алууга жана спортко катышуу
31-берене: Статистика жана маалыматтарды чогултуу
32-берене: Эл аралык кызматташтык
33-50-беренелер: Кызматташуу, мониторинг жана Конвенцияны ишке ашыруу боюнча жоболор

Конвенция эл аралык ыйгарым укуктуу органды - Конвенциянын жоболоруна эл аралык мониторинг жүргүзүүгө жооптуу болгон БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитетин негиздейт. Комитет көз карандысыз эксперттерден турат жана төмөнкү функцияларды аткарат: Конвенциянын аткарылышын көзөмөлдөйт жана Конвенцияны ишке ашыруу тууралуу катышуучу мамлекеттердин жана кызыкдар тараптардын мезгилдүү баяндамаларын карайт.

Азыркы учурда Конвенцияны 185 мамлекет жана Европа бирлиги ратификациялаган. 2019-жылдын 7-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан “2006-жылдын 13-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясын ратификациялоо тууралуу” Мыйзам кабыл алынган.

Бардык катышуучу мамлекеттер Комитетке тиешелүү укуктардын аткарылышы жөнүндө үзгүлтүксүз негизде баяндама берип турууга милдеттүү. Мамлекеттер Конвенцияны ратификациялагандан кийин эки жылдын ичинде жана андан кийин ар бир төрт жылда же Комитет сураган учурда баяндама берип турууга милдеттүү. Комитет ар бир баяндаманы карап чыгат жана катышуучу мамлекетке өзүнүн көз карашын жана сунуштарын «жыйынтыктоочу сын-пикирлер» түрүндө берет.

**Конвенциянын аткарылышына улуттук деңгээлде мониторинг жүргүзүү үч механизм аркылуу жүзөгө ашырылат:**

- конвенциянын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн өкмөттө бир же бир нече инстанциялар дайындалат;
- мамлекеттер ар кандай секторлордо жана ар кандай деңгээлдерде Конвенцияны ишке ашырууга көмөктөшүү үчүн координациялоо механизмин түзөт;
- мамлекеттер Конвенциянын аткарылышын колдоо, коргоо же мониторинг жүргүзүү үчүн бир же бир нече көз карандысыз механизмдерди камтыган структураны түзөт же дайындайт.

Мониторингдин бардык этаптарына майыптыгы бар адамдардын уюмдарын активдүү тартуу милдеттүү болуп саналат.

Кыргызстанда мындай органдардын бири - 2020-жылы түзүлгөн КРнын Өкмөтүнө караштуу Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңеш. Анын курамына мамлекеттик органдардын, майыптыгы бар адамдардын коомдук уюмдарынын жана жарандык сектордун өкүлдөрү кирет. Кеңеш КРде майыптыгы бар адамдардын көйгөйлөрүн чечүүгө, майыптык чөйрөсүндө натыйжалуу мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга байланышкан маселелер боюнча туруктуу иштеген коллегиалдуу кеңешүүчү орган болуп саналат ⇨(Майыптык багытындагы саясат).

Конвенция ратификациялангандан кийин БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитетине келип түшкөн Конвенцияга карата жеке даттанууларды кароо механизмин белгилеген Факультативдик протокол кабыл алынат.

# Д ДЕИНСТИТУЦИОНАЛИЗАЦИЯ

Жергиликтүү жамааттарда кызмат көрсөтүүлөрдүн комплексин өнүктүрүү аркылуу майыптыгы бар адамдар үчүн курулган интернат мекемелерин жоюу процесси.

Ар кайсы өлкөлөрдө майыптыгы бар адамдар көп жылдар бою атайын мекемелерге жайгаштырылган. Бул мекемелер майыптыгы бар адамдар обочолонуп, коомчулуктун башка мүчөлөрү менен баарлашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой көп убакыт жашаган жайлар болуп саналат. Бул жерлерде майыптыгы бар адамдар топторго бөлүнөт, индивидуалдуулукка жол берилбейт, массалык түрдө дарыланат жана кызматкерлер менен тургундардын ортосундагы статустун дисбаланстарына таянган регламенттик маданият менен мүнөздөлөт. Мекемелер жеке буюмдардын санын чектейт жана жашоочулардын каалоосуна жана муктаждыгына карабастан тамактануу жана сейилдөө сыяктуу иш-чаралардын белгиленген графиктери бар. Бул жердин жашоочуларында жеке жашоо же жеке мейкиндик жок, алар тандабаган жана жактырбаган адамдар менен жашашы керек жана жеке кызыкчылыктары же мамилелери жок болушу мүмкүн.

**Деинституционализация** – бул жашоочуларды институтташтырган мекемелерден жашаган жери боюнча жөнөкөй турак жайга акырындык менен көчүрүү. Бул коомдун жашоосуна катышууну жана инклюзивдүүлүктү колдогон кызматтарды өнүктүрүү менен коштолот, ошондой эле адамдар өздөрү каалагандай жашай алышы үчүн ийкемдүү жана жеке жардамды, колдоону жана координацияны сунуштайт.

Айрым мекемелер коомдук кызмат көрсөтүүчүлөргө айланып, кызматкерлерин күндүзгү кызматтарга жана жеке колдоо көрсөтүүгө өткөрө алат. Бул колдоо транспортту, жумушка орношууну, жумуш ордунда жардам берүүнү жана майыптыгы бар балдар үчүн багуучу үй-бүлөнү камтыйт.

Деинституционализация БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын 19-беренесинде чагылдырылган көз карандысыз жашоо принцибине негизделген ⇨ (Көз карандысыз жашоону). Көз карандысыз жашоо – бул майыптыгы бар адамдын кайда, кантип жана ким менен жашаарын тандоо мүмкүнчүлүгү. Ошол эле учурда жашоо социалдык инфраструктура да, мамлекеттик кызматтар да майыптыгына, курагына, жынысына жана башка өзгөчөлүгүнө карабастан, ар бир адам өз алдынча тандоо жасай алгыдай жана өзүнүн жергиликтүү коомчулугунда тең укуктуу жаран катарында жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ боло тургандай уюштуруу керектигин айтылат.

# Д ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯЛАНГАН МАМИЛЕ


Бул ар бир адамдын, анын ичинде майыптыгы бар адамдардын жеке өзгөчөлүгү, маалыматты кабыл алуунун жана өздөштүрүүнүн алдыңкы түрүн, ар кандай деңгээлдеги колдоонун зарылдыгын, ой жүгүртүү процесстеринин ылдамдыгын, таануучулук кызыгуу денгээлин жана турмуштук тажрыйбаны эске алуу менен муктаждыктарын канааттандыруу үчүн максаттуу шарттарды түзүү. Дифференциацияланган мамилени колдонуу ар түрдүү майыптыгы бар адамдарды коомго аралаштырууну камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

«Дифференциация» термини англисче "*Differentiation*" деген сөздөн келип чыккан, ал «айырмалоо» деп которулат. Бул бир бүтүндү түзгөн айрым бөлүктөрүн айырмалоо, бөлүп көрсөтүү, көңүл буруу дегенди билдирет. Дифференциация бөлүү дегенди билдирбейт, тескерисинче, майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенүү үчүн алардын ар кандай муктаждыктарын эске алуу.

Майыптыгы бар адамдар менен иштөөдө дифференцияланган мамиле концепциясы адамдын мээсинин жана нерв системасынын принциптерин изилдеген мээ илими – нейрофизиология тармагында жүргүзүлгөн изилдөөлөргө негизделген. Заманбап изилдөөчүлөр бир топтогу ар кандай адамдардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн ар бир адамдын өзүнүн уникалдуу мээ механизми бар экенин эске алуу зарыл экенин аныкташкан. ⇨(Коммуникациядагы мультимодалдык мамиле).

Нейрофизиологдор адамдын мээсине келген маалыматты иштеп чыгууга, эстеп калууга, андан кийин аны чыгарууга жана ар кандай иштерде колдонууга жооптуу үч түрдүү бөлүмдөн тураарын далилдешти. Бул үч бөлүм баштапкы нейрофизиологиялык тармактар деп аталат. Мээнин иштөө механизми алардын өз ара аракеттенүүсүнө жараша болот (диаграмма).

*Диаграмма. Мээнин иштеши үчүн жооптуу нейрофизиологиялык тармактар.*




**Таануу тармагы** фактыларды чогултууга жана адамдын көргөнүн, укканын же сезгенин классификациялоого мүмкүндүк берет. Ошондуктан сенсордук майыптыгы бар адам маалыматты кандай кабыл алаарын эске алуу абдан маанилүү.

**Стратегиялык тармак** адамга болгон билимин жана жеке тажрыйбасын колдонуу менен келген маалыматты иштетүүгө мүмкүндүк берет. Стратегиялык тармактын ичиндеги айырмачылыктар ар кандай майыптыгы бар адамдардын тапшырмаларды тез же жай аткаруу, чечимди же көйгөйдү оңой кабыл алуу жөндөмүнөн жана, тескерисинче, башкалардын же камкорчулардын максималдуу колдоосуна муктаж экендигинен көрүнөт.

**Эмоционалдык тармак** (башкача ал аффективдүү деп аталат, «аффект» деген сөздөн алынган, ал сезимдерди, эмоцияларды, маанайды билдирет) мээге кирген маалыматты баалоо жана ага эмоционалдык маани берүү үчүн жооптуу. Ар бир адам эмоциянын ар кандай түрлөрүн жана интенсивдүүлүгүн көрсөтөт. Маалыматты кабыл алуу ушундан көз каранды.

Майыптыгы бар айрым адамдарда маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана өздөштүрүү жана көндүмдөрдү калыптандыруу механизмин түзгөн бул үч тармактын өз ара аракеттенүүсүнө таасир этүүчү өзгөчөлүктөр бар. Ушуну эске алуу менен алар менен бир жамааттын же топтун өз ара аракеттенүү процессинде берилген маалыматтын мазмунун, коммуникация процессин жана айлана-чөйрөнү айырмалоо сунушталат. Мисалы, интеллектуалдык оорусу бар жана текстти түшүнүүсү кыйын адамга жөнөкөй форматтагы текстти ⇨(Жөнөкөй форматтагы текст (Easy to Read)), ал эми азиздер үчүн - аудио текстти сунуштоо керек, ал эми бул эки адам бир жалпы топто, бир эле материалдын үстүндө иштей алат.

## Ж ЖАМААТТАРДЫН (КООМЧУЛУКТУН) ДЕҢГЭЭЛИНДЕ РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО

Бул ден соолукту чыңдоо, майыптыкка алдын алуу, медициналык-санитардык жардамга, көмөкчү каражаттарга жана (ре)абилитацияга жетүү аркылуу майыптыгы бар адамдардын жашоосун жакшыртууга багытталган коомчулукту өнүктүрүү стратегиясы.

Бул ыкманын алкагында коомчулукта жергиликтүү координаторлор (атайын даярдалган адамдар) дайындалат, алар саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо жана билим берүү адистери менен биргеликте майыптыгы бар адамдарды аныктап, андан кийин үйгө баруу кызматы аркылуу күнүмдүк (ре)абилитацияга шарт түзүшөт.

*Диаграмма. Коомчулуктун деңгээлинде реабилитациялоонун негизги этаптары*



# Ж ЖАҢСОО ТИЛИ

Бул өз алдынча тил, колдун жана манжалардын, ооздун, эриндин кыймылынан, мимикадан жана дененин абалынын өзгөрүшүнөн турат. Жаңсоо тили укпаган жана угуусу начар адамдар менен баарлашуу үчүн колдонулат. Анын өзүнүн тил илими, синтаксиси, морфологиясы жана грамматикасы бар.


**Жаңсоо тили байланыштын бир нече түрлөрүн айкалыштырат:**

Белгилүү бир ишараттар бүтүндөй сөздөрдү чагылдырган **е** Бир жаңсоо 5ке чейин элементтерди камтыйт: колдун формасы, колдун орду, кыймылдын багыты жана мүнөзү, мимика.



Сүрөттө: Алия Турдиева жаңдоо тилиндеги сөздөрдү көрсөтөт.

**Дактил жаңсоо тили** – сөздөрдү тамгалап берүү.
Дактилдөө - манжалардын жардамы менен дактил (бармак) тамгаларын кайра чыгаруу. Бул ыкма аттарды, географиялык аталыштарды берүү же айрым терминдерди жана жаңсоолорду тактоо үчүн колдонулат.



Сүрөттө: Алия Турдиева дактил алфавитинин тамгаларын көрсөтүүдө.

**Мануалдык эмес компоненттер** - эриндер менен тилдин кыймылдары, ооздун мимикасы, баштын жана дененин кыймылы. Мануалдык эмес компоненттерге «маусинг» (үндүү тилдин сөздөрүн эриндер менен үнсүз айтуу) жана үн эквивалентине көз карандысыз кайталануучу эрин жаңсоолорунан (ооз жаңсоолору) турган артикуляция кирет. Эрин жаңсоолоруна адвербиалдар (иш-аракеттин белгисин сыпаттоочу жаңсоо тилиндеги тактоочтордун өзгөчө окшоштуктары), эхо-фонологиялык артикуляция (кол менен жаңсап берген маалыматты эриндер менен жөнөкөй кайталоо), кайталоочу жаңсоолор (ооз кандайдыр бир кыймыл-аракетти чагылдырат - тиштөө, кыйкыруу, чайноо ж.б.) жана жалпы мимика контекстиндеги артикуляция (мисалы, адамдын жийиркенүү сезимин билдирүү) кирет.

Дүйнөдө 300дөн ашык жаңсоо тили бар, аны Угуусу начарлардын эл аралык федерациясынын маалыматы боюнча 70 миллионго жакын адам колдонот. Кээ бир өлкөлөрдө жаңсоо тили мамлекеттик тил статусуна ээ жана жаңсоо тилин колдонгон адамдардын которуп иштөөгө (жаңсоо жана сүйлөө тилдеринин ортосундагы котормо) укугу конституцияга киргизилген.

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча конвенциясы жаңсоо тилдерин колдонууну тааныйт жана кубаттайт.

БУУнун Башкы ассамблеясы укпаган жана угуусу начар адамдардын укуктарын толук ишке ашыруу процессинде жаңсоо тилдеринин маанилүүлүгү жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу максатында 23-сентябрды Эл аралык жаңсоо тилдер күнү деп жарыялаган.

Кыргызстанда орус жаңсоо тили колдонулат.

Белгилей кетсек, жаңсоо тили менен кыймыл тили таптакыр башка тилдер. Жаңсоо тили – бул укпаган жана начар уккан адамдар баарлашууга колдонгон тил, ал эми кыймыл тили – бул ар бир адамдын күнүмдүк жашоодогу колунун кыймылдашы, мимикасы жана позалары.

# Ж ЖЕКЕ АССИСТЕНТ

Бул майыптыгы бар адамдын коомдун башка мүчөлөрү сыяктуу жашоосу үчүн зарыл колдоо көрсөткөн адам. Жеке ассистенттин колдоосу адамдын коомдун башка мүчөлөрү сыяктуу эле турак жай, транспорт, билим алуу жана ишке орношуу боюнча тандоо эркиндигине ээ болушун камсыз кылууга багытталган.

**Жеке ассистенттин кызматына төмөнкүлөр кирет:**

- жеке жардам, гигиеналык жардам, мисалы, жуунуу, кийинүү, даараткананы колдонуу;
- үй жумуштарына жардам берүү: тамак жасоо, кир жуу жана үй жыйноо, соода кылуу;
- административдик документтер (кагаздар) менен байланышкан жардам;
- ишти аткарууда, тренингге жана окууга катышууда колдоо көрсөтүү.
- ата-эненин ролун аткарууда колдоо;
- коомдук турмушка, анын ичинде эс алууга, коомдук жана маданий иш-чараларга катышууну камсыз кылуу;
- коомдук турмушка, анын ичинде эс алууга, коомдук жана маданий иш-чараларга катышууну камсыз кылуу;
- жолугушууларда, коомдук иш-чараларда, күнүмдүк жол жүрүүдө коштоо;
- медициналык кызматкерлерге баруу;
- үй-бүлө мүчөлөрү жана достору менен өз ара катышууда колдоо;

Жеке ассистенттин ишинин негизги принциби майыптыгы бар адам жеке жардамчыны тандоо, жеке жардамчынын функцияларын аткаруу боюнча милдеттерди аныктоо, иш жана иш-чаралардын графигин белгилөө укугуна ээ болушу жана контролдоосу болуп саналат.

**Түрдүү өлкөлөрдө жеке ассистенттин кызматтары кантип уюштурулган:**

- көпчүлүк өлкөлөрдө уюмдар стандарттарга жана эрежелерге ылайык жана мамлекеттик каржылоонун эсебинен кызматтарды көрсөтөт;
- кээ бир өлкөлөрдө жумушсуз жарандар менен иштөө боюнча агенттиктер ортосунда келишимдер бар;
- майыптыгы бар адамдардын коомчулукка кошулушун илгерилетүү боюнча программа маанилүү салым кошо алат.



Сүрөттө: «1+1» тасмасынан кадр. Фильмдин башкы каарманы жардамчысынын жардамы менен майыптыгы бар адамдар колдонгон коляскада жылып бартат.

Жеке ассистенттин кызматы тууралуу 2011-жылы француз режиссерлору Оливье Накаче, Эрик Толедано «1+1» тасмасын тартышкан, анда башкы каарман өзүнүн жашоосун өзгөрткөн жеке ассистентти жалдайт.

# Ж ЖЕТКИЛИКТҮҮ ЧӨЙРӨ

Жеткиликтүү чөйрө тоскоолдуксуз, коопсуз, инклюзивдүү же универсалдуу деп аталат ⇨ (Универсалдуу дизайн).

Бул адамдардын бардык топтору коомдук турмушка кошулган, бирдей укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон чөйрө. Физикалык чөйрө, транспорт, маалымат жана байланыш, ошондой эле башка объекттер жана кызматтар коомдун бардык мүчөлөрү үчүн, анын ичинде майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүү.

Бул көпчүлүктүн жашоосу үчүн ыңгайлуу жана коопсуз шарттар түзүлгөн чөйрө, ошол эле учурда алар ар кандай турмуштук шарттарда физикалык же эмоционалдык коркунучтарга дуушар болбостон керектүү ресурстарга жете алышат.

Мындай чөйрөдө калктын ар бир тобунун, анын ичинде физикалык, психикалык, интеллектуалдык жана сенсордук кемчиликтери бар адамдардын муктаждыктарын эске алган чөйрө түзүлөт. Негизги милдет – ар бир адам өзүн керектүү сезип, аны башкалар урматтаарын, анын пикири баалуу экенин жана башка бардык адамдардай эле ар кандай мүмкүнчүлүктөр менен ресурстарга жеткиликтүүлүгүн түшүнүү. «Жеткиликтүү чөйрө» түшүнүгү имараттарга жана курулуштарга физикалык, маалыматтык жана экологиялык жеткиликтүүлүктү билдирет.


Чөйрөнүн жеткиликтүүлүгү бардык адамдар үчүн жумушта, билим алууда жана күнүмдүк жашоодо натыйжалуу жана коопсуз иштеши үчүн зарыл. Майыптыгы бар адамдар башкалар сыяктуу эле кайсы бир жерлерге, кызмат көрсөтүүлөргө, жумушка, товарларга, көңүл ачууга жана коомчулукка катышууга физикалык жана социалдык мүмкүнчүлүккө ээ болушу керек. Андан тышкары орун алган жагдайдан улам адам убактылуу оор же туруктуу кыйынчылыкка туш болушу мүмкүн, мындай учурда адамды жеткиликтүү чөйрө менен камсыз кылуу зарыл.

**Сүрөттөгү мисал: кандай учурда адамга тактилдик навигация керек**

| адамдын көрүүсү начар болсо | көзүнө операция жасалгандан кийин убактылуу көрбөсө | жамгырдан улам начар көрсө |
|---|---|---|
| Туруктуу муктаждык | Убактылуу муктаждык | Кырдаалдык муктаждык |



Сүрөттө: азиз адам таяк менен жол көрсөтүүчү итти колдонот.



Сүрөттө: көрүүсү начар адамдын лупа колдонуусу.



Сүрөттө: айдоочу катуу жамгыр учурунда тактилдик навигацияны колдонуусу.

# Ж ЖЕТКИЛИКТҮҮ ЧӨЙРӨНҮН СИМВОЛДОРУ

Бул Эл аралык стандартташтыруу уюму (ISO) тарабынан 1968-жылы иштелип чыккан, жеткиликтүү элементтерди жана мейкиндиктерди чагылдырган, эл аралык деңгээлде таанылган символдор. Алар ISO стандартынын бир бөлүгү болуп саналат (ISO 7001 «Графикалык символдор — коомдук маалымат символдору»).

Жеткиликтүүлүк символдору кардарларга, кызматкерлерге жана жалпы коомчулукка кызматтардын, маалыматтык материалдардын, конференциялардын жана программалардын, брошюралардын, имараттардагы жарнактардын, кабат пландарынын жана карталардын жеткиликтүүлүгүн жарнамалоо үчүн арналган. Төмөндө негизги белгилер берилди.



**Көрүүсү начар жана азиз адамдар үчүн:** бул символ имараттарга, жана башка коомдук жайларга кирүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү үчүн колдонулат.





**Аудио сүреттөмө:** көрүүсү начар жана азиз адамдар үчүн визуалдуу маалыматты жеткиликтүү кылган кызмат.



**Үнду жөнгө салуучу телефон :** бул символ күчөтүлгөн үнү бар жана/же үнүн жөнгө салуучу телефондордун жайгашкан жерин көрсөтөт. Угуусу начар адамдар менен баарлашууга колдонулат.



**Жаңсоо тилин колдонуу:** символ лекцияларда, экскурсияларда, фильмдерди көрүүдө, спектаклдерде, конференцияларда же башка программаларда жаңсоо тилинен жана жаңсоо тилине которуу колдонулуп жатканын билдирет.




**Маалымат символу:** майыптыгы бар же өзгөчө муктаждыктары бар адамдар үчүн маалымат керек болгондо берилет. Жайларга кирүү жана кызматтарга жетүү боюнча конкреттүү маалымат же материалдар бар маалымат кызматынын же коопсуздук кызматынын жайгашкан жерин көрсөтүү үчүн колдонулат.



**Пандустар:** символ майыптык коляскасын колдонгон адамдар үчүн кирүү мүмкүнчүлүгү бар экенин, лифттер, көтөргүчтөр же жантык жолдор бар экенин көрсөтүп турат.




**Физикалык жеткиликтүүлүк символу** кыймылы чектелген адамдын, анын ичинде майыптык коляска колдонгон адамдын кирүү мүмкүнчүлүгүн көрсөтүү үчүн колдонулат. Мисалы, бул символ мейманканага, дүкөнгө же китепканага кирүү мүмкүндүгүн көрсөтөт.




**Тексттик телефон же телекоммуникациялык түзүлүш угуусу** начар жана укпаган адам менен баарлашуу үчүн колдонулат.



**Көмөкчү угуу системалары** көмөкчү каражаттардын, кулакчындардын жана башка түзүлүштөрдүн жардамы менен күчөтүлгөн үндөрдү угуу органдары аркылуу берет. Алар инфракызыл, илмек жана FM системаларын камтыйт.





**Жеткиликтүү шрифт:** көлөмдүү шрифт символу 18 пункт же андан чоң өлчөмдө басылат. Түпнуска текстке кошумча катарында көлөмдүү шрифтти колдонуу менен материалдар берилиши мүмкүн, анын ичинде китептердин версиялары, брошюралар, музей жазуулары, жол көрсөтүүчү китептер жана театралдык программалар.




**Жабык субтитрлер:** бул символ телепрограмма, видео жана башка материалдар үчүн субтитрлерди көрсөтүү керекпи же жокпу көрсөтөт.




**Ачык титрлер:** бул символ титрлер башка тилдерге которулуп жатканын же диалогдор басма вариантта чыгып жатканын билдирет. Ачык титрлерди көпчүлүк, анын ичинде угуусу начар жана укпаган адамдар, ошондой эле тил үйрөнгөндөр же ызы-чууга каршы болгондор жакшы көрүшөт.




**Брайл символу:** бул белги басма өнүмдөрдү Брайл арибинде, анын ичинде этикеткаларды, стикерлерди жана белгилерди көрсөтөт.

# Ж ЖОЛ КӨРСӨТҮҮЧҮ ЖАНЫБАРЛАР

Майыптыгы бар адамдарга коштоп жүрүү үчүн жекече үйрөтүлгөн жаныбарлар бардык жерде, анын ичинде коомдук жайларда коштоп жүрөт. Жардам берүүчү жаныбар көмөкчү каражат катары классификацияланат жана жол көрсөтүүчү деп аталат ⇨ (Көмөкчү (ассистивдик) технологиялар).

Жаныбарлардын ар кандай түрлөрү, анын ичинде мышыктар, аттар, маймылдар жана канаттуулар майыптыгы бар адамдарга жардам берүү үчүн ар кандай тапшырмаларды аткарууга үйрөтүлсө да, бүгүнкү күндө иттер эң кеңири таралган жол көрсөтүүчү жаныбарлар болуп саналат.

Жардам берүүчү жаныбарлар ар кандай функцияларды аткарышы мүмкүн: жардам берүү, эмоционалдык колдоо жана терапия.

**Жардам берүү.** Атайын үйрөтүлгөн жаныбарлар көрүүсү начар жана азиздерге коомдук жайларда жүрүүгө жардам берет. Аларды эшикти ачууга, жол сигналдарын таанууга, коомдук жайларда өз ээлерин коопсуз жолго салууга жана элдин арасында жол табууга үйрөтсө болот. Жол көрсөтүүчү ит эшиктин коңгуроолоруна, телефон чалып жатканына же айланадагы адамдарга көңүл буруу менен начар уккан же кулагы укпаган адамдарга; жол таба албаган адамдарга тең салмактуулукту сактоого жардам берет.

**Эмоционалдык колдоо.** ошондой эле майыптыгынан улам обочолонуп калышы мүмкүн болгон ээлерине жаныбарлар маанилүү баарлашуу жана эмоционалдык колдоо көрсөтөт. Жаныбарлар адамдар менен тыгыз эмоционалдык байланыш түзөт.

**Терапия.** Жаныбарлар адамга тынчсызданууу же стресс менен күрөшүүгө жардам берет. Учурда аутизм спектринин бузулушу (АСБ) бар адамдардын муктаждыгын таануу жана аларга жооп берүү үчүн иттерди окутуу тажрыйбасы колдонулат; кээ бир АСБсы бар адамдар көрүү, тийүү жана баарлашуу көйгөйлөрүнөн улам багуучу адамдарга караганда жаныбарлар менен өз ара аракеттенүүдө ыңгайлуураак экенин айтышат. Мындан тышкары жаныбарлар ээсине талмасы кармаары тууралуу, дары-дармектерди ичүү зарылдыгын эскерте алат, алар атайын жасалган чоң баскычтары бар телефондун жардамы менен өзгөчө кырдаалдарда тез жардам кызматын чакырууга үйрөтүлгөн. Кызматтык жаныбарларды жакын жерде аллергендин бар экени тууралуу адамга эскертүүнү дагы үйрөтсө болот.



Жол көрсөтүүчү иттердин арасында популярдуу порода - лабрадор ретривер саналат. Иттин бул породасы менен достошууга болот, үйрөтүү үчүн жеңил, башка жаныбарларга карата агрессияга жакын эмес. Алардын жүнү кыска болгондуктан кам көрүүнү жеңилдетет.

«Мойнунан байланган ит» эмес, «жол көрсөтүүчү ит» же «жардам берүүчү ит» деген терминди колдонуу сунушталат.

# Ж ЖӨНДҮҮ ЫЛАЙЫКТАШУУ

Жөндүү ылайыкташуу БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясында мындай аныкталат - ал конкреттүү учурда зарыл болсо, майыптыгы бар адамдар башкалар сыяктуу эле бардык укуктарын жана негизги эркиндиктерин ишке ашыруу максатында эбегейсиз же ашыкча жүк болбогон зарыл жана ылайыктуу өзгөртүүлөрдү жана оңдоолорду киргизүү болуп эсептелет.

**Жөндүү ылайыкташуу үч түрдүү болушу мүмкүн:**

| Көмөкчү каражаттардын түрлөрү | Түшүндүрмө | Мисал |
|---|---|---|
| Технологиялар колдонулбаган көмөкчү каражаттар *No-Tech* | Бул технологиялык ресурстарды колдонууну талап кылбаган жөнөкөй өзгөртүүлөр. | Майыптыгы бар баланын ата-энеси жумушка 10:30да келсе болот (ал эми кеңседе жумуш саат 9:00дө башталат), анткени анын баласы бара турган реабилитациялык борбор саат 10:00дө иштеп баштайт. |
| *Low-Tech* Төмөн технологиялык көмөкчү каражаттар | Бардык көмөкчү каражаттар технологиялык жактан жөнөкөй же оңой жеткиликтүү. | Жуунуучу бөлмөгө ылайыктуу тутканы орнотуу.  Сүрөттө: адам эшиктиин туткасын колдонуп жатат. |
| Жогорку технологиялык көмөкчү каражаттар *Hi-Tech* | Алдыңкы же татаал түзүлүштөр колдонулган бардык көмөкчү каражаттар. | Азиз колдонуучулар үчүн Брайл компьютер дисплейи.  Сүрөттө: адам компьютердин брайль дисплейин колдонууда. Ачык булактардан алынган сүрөт |

Жөндүү ылайыкташуу бирдей жеткиликтүүлүктү жана майыптыгы бар адамдардын иштөө мүмкүнчүлүгүн камсыздоого багытталган, ошондуктан БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялаган мамлекеттердин мыйзамдарына “Жөндүү ылайыкташуу” деген түшүнүк киргизилиши керек.


# ЖӨНӨКӨЙ ФОРМАТТАГЫ ТЕКСТ (EASY TO READ)

Тексти кыйналып окуган же окуй албаган адамдар үчүн ылайыкташтырылган, жазуу түрүндөгү маалыматты түшүнүктүү форматта берүү ыкмасы. Ошондой эле ал «жөнөкөйлөштүрүлгөн», «альтернативдүү», «оңой жеткиликтүү», «ачык» текст жана «жөнөкөй сөздөр» менен жазылган текст деп аталат. Аны түзүүдө окуу үчүн гана жөнөкөйлөтүү ошондой эле окууну жана түшүнүүнү жеңилдетүүгө (модификация) колдонулат.

Бул текстти психикалык, физикалык жана/же интеллектуалдык майыптыгы бар адамдар, жаш куракка байланыштуу когнитивдик өзгөрүүлөрү бар адамдар же мигранттар колдонушат. Ошол эле учурда окурмандар жаңы түшүнүктөрдү же маалыматтарды өздөштүрүп, коомдун жашоосуна катышып, өз укуктарын билип, аларды коргоп, өз тандоосун ишке ишке ашыруусу маанилүү.

Жөнөкөй форматтагы текстти түзүүнүн эрежелери

Сол жакта тексттин түп нускасы берилген.


BOX 2. THREE MODELS OF DISABILITY

- "The **charity model** of disability considers persons with disabilities as passive objects of kind (charitable) acts or welfare recipients only, rather than as empowered individuals with equal rights. Under this model, disability is an individual's problem and persons with disabilities are not considered capable of providing for themselves on account of their impairments; rather, they are considered as a burden on society, which bestows its benevolence on them. Persons with disabilities, under this perspective, are considered the objects of pity, dependent on the goodwill of others, and are thereby disempowered and not in control of their own lives, participating little or not at all in society. The effect of this model is that society's responses are limited to care and assistance, with individuals being reduced to recipients of charity and welfare only, instead of its guaranteeing them the enjoyment of their rights."[7]
- "The **medical model** of disability considers persons with disabilities as objects of treatment, as patients to be cured, and disability as a medical problem that needs to be solved or an illness that needs to be treated. Under this model, disability resides in the individual and doctors know best how to correct and manage any impairment, regardless of the consent, will and preferences of the individual. Persons with disabilities, under this model, are considered as deviating from the physical and mental norms and their behaviours and attitudes are pathologized. The effect of this model is that society's responses seek to normalize and diminish impairments as a means to enabling participation, instead of removing barriers."[8]
- "The **social model** frames disability as the consequence of the interaction of the individual with an environment that does not accommodate that individual's differences. This lack of accommodation impedes the individual's participation in society. Inequality is not due to the impairment, but to the inability of society to eliminate barriers challenging persons with disabilities. This model puts the person at the centre, not his/her impairment, recognizing the values and rights of persons with disabilities as part of society. This paradigm shifts disability as not a "mistake" of society but an element of its diversity. Disability is a social construct—the result of the interaction in society between personal factors and environmental factors. Disability is not an individual problem but the outcome of a wrong organization of society."[9]

Сүрөттө: майыптык моделдери - кайрымдуулук, медициналык жана социалдык.

Оң жакта - Easy to Read деп аталган жөнөкөй форматтагы текст.




Сүрөттө: майыптыкты түшүнүү жолдору – кайрымдуулук, медициналык жана социалдык.

# И ИНКЛЮЗИВДҮҮ МАДАНИЯТ

**Бул түшүнүк бир нече маанини камтыйт, алардын арасында:**

- жүрүм-турум эрежелери, коомдук ченемдер жана баалуулуктар, майыптыгы бар адамдарга карата адамдын мамилеси жана  жүрүм-туруму;
- коомдун көп түрдүүлүгүн, ар бир адамдын өзгөчөлүгүн тааныган маданият;
- жеткиликтүү жана коопсуз чөйрөнү уюштуруу/коомдун бардык мүчөлөрүнүн өнүгүшүнө жана алардын потенциалынын ачылышына (мисалы, чыгармачыл, билим берүү, кесиптик) дем берүү;
- майыптыгына, расасына, жынысына, улутуна, жашына, тилине, социалдык абалына, динине, турмуштук тажрыйбасына ж.б. карабастан, ар бир адам бирдей укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон өз ара аракеттенүү, кызматташуу жана өз ара жардам көрсөтүү маданияты.

**Инклюзивдүү маданияттын мисалдары**

Сүрөттө француздук хореограф Садек Ваффтын Токио-2020 Паралимпиадалык оюндарынын жабылыш аземинде жараткан лефомансы, анткени кийинки оюндар Францияда өтөт. Ал бийди аткарууга 128 артистти чакырган, анын ичинде физикалык жана сенсордук майыптыгы бар адамдар да бар.



Сүрөттө: адамдардын тобу колдору менен бийлеп жатышат.
sadeckwaff




Сүрөттө: эки өспүрүм, алардын бири майыптыгы бар адам, инклюзивдик кафенин кызматкерлери.
solomon_sandwiches

Сүрөттө интеллектуалдык, психосоциалдык жана физикалык майыптыгы бар балдар менен кыздарды расмий түрдө иш менен камсыз кылган Бишкектеги биринчи инклюзивдүү кафенин - *Solomon Sandwiches* кызматкерлери. Бул кафе инклюзивдүү маданиятка ээ.


# ИНКЛЮЗИЯ ЖАНА ИНТЕГРАЦИЯ

**Инклюзия** – бул майыптыгы бар же жоктугуна карабастан, ар бир адам үчүн коомдо өз ордун табууга багытталган коомдук кайра түзүү процесси.


**Интеграция** – бул адамдын адаптация процесси, анын жүрүшүндө ал курчап турган коомго ыңгайлашууга аракет кылат.

Бул эки түшүнүк бири-биринен айырмаланып турат жана бири-бирин алмаштыра албайт. Инклюзия майыптыгы бар адам коомдун тең укуктуу мүчөсү экендигин, ал эми майыптык адамдын жашоосундагы табигый тажрыйба катары, ченем катары караларын, ал эми адам өзгөчөлүктөрүнө жараша топторго бөлүнбөй тургандыгын билдирет. Интеграция майыптыгы бар адамдардын коомго кошулушун, бирок ошол эле учурда алар өзүнчө бир бөлүгү болуп каларын билдирет. Инклюзия менен интеграциянын ортосундагы айырмачылыктар сүрөттө жакшы берилген.

*Инклюзия*



*Интеграция*



# И ИЭК. ДҮЙНӨЛҮК САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМУНУН (ДССУ) ИШТӨӨНҮН, ТИРИЧИЛИК АРАКЕТТЕРИНИН ЖАНА ДЕН СООЛУКТУН ЧЕКТЕЛИШИНИН ЭЛ АРАЛЫК КЛАССИФИКАЦИЯСЫ (ИЭК)

Бул 2001-жылдын 22-майында Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо ассамблеясынын элүү төртүнчү сессиясында бардык ДССУга мүчө мамлекеттер расмий жактырган стандарт. Ал «ден соолук» жана «майыптык» түшүнүктөрүн социалдык моделдин призмасы аркылуу жаңы өңүттө кайра карап чыгууну сунуштайт ⇨ (Майыптыктын моделдери), ал эми мурда майыптык биологиялык дисфункция же оору катары каралып келген. ИЭК ылайык майыптык – бул адам менен контексттик факторлордун (айлана-чөйрө факторлору жана жеке факторлор) ортосундагы комплекстүү өз ара аракеттенүүнүн натыйжасы ⇨(Майыптык).

*Диаграмма.Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы (ИЭК), ДССУ, 2001-ж.*

- Ден соолуктун өзгөрүшү
  - Организмдин иш милдеттери жана түзүмдөрү
  - Жигердүүлүк
  - Коомдук турмушка катышуу
    - Айлана-чөйрөнүн факторлору
    - Жекече факторлор

ИЭК ДССУнун Эл аралык классификациясынын «үй-бүлөнүн» үч негизги компонентинин бири болуп саналат (диаграмманы караңыз). Оорулардын эл аралык классификациясы ооруларга көңүл бурат, Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы оорулардын кесепеттерин жана адамдын жашоосундагы башка факторлорду аныктайт. Медициналык кызматтардын эл аралык классификациясы медициналык кызматтарды көрсөтүүгө багытталган.

*Диаграмма. ДССУнун эл аралык классификациялар үй-бүлөсү (WHO-QMS)*

| **Оорулардын эл аралык классификациясы (ICD)** | **Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы (ICF)** | **Медициналык кызматтардын эл аралык классификациясы (ICMU)** |
|---|---|---|
| Бузулуулар, этиология, көрүнүштөр, диагностикалык критерийлер жана алардын функционалдык касиеттери | Иштөө жана майыптык , айлана-чөйрө жана жеке факторлор | Максаттар, милдеттер, иш-аракеттер жана медициналык кызмат көрсөтүү |

ИЭК эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүктө иштөө жана майыптык маселелери, ал эми экинчи бөлүктө контексттик факторлор каралат.

Ар бир бөлүк эки компоненттен турат:

- Иштөө жана майыптык - «Организмдин функциялары жана структуралары» компоненти жана «Активдүүлүк жана катышуу» компоненти;
- Контексттик факторлор – айлана-чөйрө факторлору жана жеке факторлор.

ИЭК майыптыгы бар адамдар үчүн гана эмес, саламаттыкты сактоо, (ре)абилитация, билим берүү, социалдык коргоо, спорт жана башка чөйрөлөрдө иштөөсү чектелген бардык адамдар үчүн колдонулат.

# К КАТЫШУУ

Майыптыгы бар адамдардын саясий жана коомдук турмушка, жергиликтүү коомчулуктардын жашоосуна катышуусу, майыптыгы бар адамдардын жашоосуна гана эмес, бүтүндөй коомчулукка тиешелүү чечимдерди кабыл алуу процессине кошулушу.

Майыптыгы бар адамдардын коомго толук жана натыйжалуу катышуусу БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын негиздөөчү принциптеринин бири болуп саналат ⇨ (БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы (МАУК)).

**Майыптыгы бар адамдардын коомго катышуусу үчүн төмөнкүлөр зарыл:**

- Айлана-чөйрөнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу
- Майыптыгы бар адамдардын укуктары менен байланышкан бардык чөйрөдөгү прогрессти баалоо үчүн маалымат чогултуу
- Катышуу үчүн укуктук тоскоолдукту жоюу
- Алктын маалымдуулугун жогорулатуу жана майыптыгы бар адамдарга карата стереотиптерге, терс көз-караштарга жана дискриминацияга каршы күрөшүү
- Майыптыгы бар адамдардын улуттук парламенттерге жана саясий партияларга катышуусун жогорулатуу



Сүрөттө: Бекешев Дастан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, азиз.




Сүрөттө: Junior Park билим берүү уюмунда окуган эки бала. Бирөө майыптыгы бар бала. (Бишкек ш.).

Майыптыгы бар адамдын коомго катышуусуна терс стереотиптер, майыптыкка карата терс көз-караштар, айлана-чөйрөнүн жеткиликтүү эместиги жана жакырчылык, укуктук жана административдик тоскоолдуктар, билим берүүдөгү сегрегация тоскоолдук кылат.

Катышууну камсыз кылуу үчүн мамлекет тарабынан майыптыгы бар адамдардын же алардын кызыкчылыктарын коргогон уюмдарга колдоо көрсөтүү маанилүү.

# К КОММУНИКАЦИЯДАГЫ МУЛЬТИМОДАЛДЫК МАМИЛЕ

Маалымат ар кандай модалдуулукта берилген мамиле. Модалдуулуктар - бул маалыматты кабыл алуу жана иштетүү ыкмалары. Кабылдоо модалдуулуктары төмөнкүдөй типтерди камтыйт: угуу, көрүү, кинестетикалык жана вербалдык. Белгилүү бир майыптыгы бар адамдардын көрүү, угуу, сүйлөө сыяктуу бир же бир нече кабылдоолору бузулушу же жок болушу мүмкүн. Ар бир адам майыптыгына жана кабылдоо түрүнө карабастан, айлана-чөйрөгө жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн маалыматты ар кандай модалдуулукта же мультимодалдык форматта берүү маанилүү.




Ар кандай формадагы маалымат ар кандай майыптыгы бар адамдарга өзүнүн негизги каналын (мисалы, угуу, көрүү, тактилдик сезимдер) колдонуу менен аны кабыл алууга мүмкүндүк берет.

Мультимодалдык мамилени колдонуу ар түрдүү майыптыгы бар адамдар үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө жардам берет.

Мультимодалдык мамиле универсалдуу дизайндын ⇨(Универсалдуу дизайн) жана жеткиликтүүлүктүн негизин түзөт ⇨(Жеткиликтүү чөйрө).

Медиа мейкиндигине мультимодалдык мамиле жигердүү киргизилиши керек, мында ар кандай байланыш каналдары аркылуу майыптыгы бар адамдардын көпчүлүк тобуна маалымат берүү мүмкүн болот. Эгерде видеоформаттагы маалымат жаңсоо тили менен коштолсо, угуусу начар жана укпаган адамдар үчүн жеткиликтүү болот. Көрүүсү начар жана азиз адамдар басылмаларды Брайл шрифтинде же чоң тамга менен, ошондой эле электрондук форматта окуй алышат. Эгерде тексттеги гипершилтемелердин астын түс менен сызсаңыз, анда дальтонизми бар адамдар үчүн текст жеткиликтүү болот.

# К КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ЖАШОО

Бул адамдын жашоосун толук башкаруу, тандоо эркиндигине ээ болуу, чечим кабыл алуу, коомдук турмушка катышуу, социалдык, саясий жана экономикалык процесстерге активдүү катышуу, турак жай жана коомдук имараттарга кирүү мүмкүнчүлүгү, транспорт, байланыш каражаттары, социалдык коргоо, иш менен камсыз кылуу жана билим берүү, социалдык ролдорду аткаруу жана үй-бүлө куруу мүмкүнчүлүгү. Көз карандысыз жашоо концепциясы социалдык колдоонун болушун билдирет, ал теңчиликке жана адилеттүүлүккө ⇨(Теңчилик жана адилеттүүлүк) болгон тоскоолдуктардан өтүүгө жана социалдык четтөөнү жеңүүгө жардам берет.

**Көз карандысыз жашоо концепциясы төрт негизги принципке негизделген:**

Тандоо | Башкаруу | Эркиндик | Адилеттүүлүк

Майыптыгы бар адам өзүнүн жашоосу боюнча тандоо жасоого жана коомдун башка мүчөлөрү сыяктуу эле алдына максат коюуга укуктуу. Чечим каалоого жана шарттарга жараша болот. Бирок майыптыгы бар адам башкалардай мүмкүнчүлүккө ээ болушу үчүн аларга жардам берүүгө багытталган колдоо кызматтары түзүлөт. Бирок өзүнүн жашоосун майыптыгы бар адам өзү көзөмөлдөйт. Эркиндик адамга айлана-чөйрөгө жана башка адамдарга көз каранды болбоого мүмкүндүк берет, ал эми социалдык адилеттүүлүк анын коомго аралашуу мүмкүнчүлүгүн теңдейт.

Көз карандысыз жашоонун эң маанилүү шарттарынын бири болуп универсалдуу чөйрөнү түзүү саналат ⇨(Универсалдуу дизайн).

# К КӨМӨКЧҮ (АССИСТИВДИК) ТЕХНОЛОГИЯЛАР

Белгилүү бир тапшырманы аткарууда адамга жардам берүү үчүн иштелип чыккан, түзүлгөн же ылайыкташтырылган технологиялар, түзүлүштөр, көмөкчү каражаттар, программалар же кызматтар. Майыптыгы бар адамдар аларды иштөөсүн жакшыртуу, өз алдынча жашоо, билим алуу, ишке орношуу жана коомдук турмушка катышуу үчүн колдонушат.

Көмөкчү технологиялардын мисалдары болуп майыптык коляскасы, басуучу, кинестетикалык таяк, протездер (мисалы, жасалма колдор, буттар), ортездер (мисалы, колдун шиналары), көрүүсү начар (мисалы, көз айнек же ак таяк) жана угуусу начар адамдар үчүн каражаттар (мисалы, угуу аппараттары, кохлеардык имплантттар), байланыш каражаттары, таблеткалар үчүн органайзерлер, жол көрсөтүүчү иттер, коммуникативдүү карточкалар, кинестетикалык жолдор, эшиктери бар ванналар, адаптациялоочу идиштер, амбулифт (самолёттун салонуна майыптыгы бар адамдарды отургузуу үчүн арналган адистештирилген көтөргүч), скринридерлер (түзмөктөр же экранды окуу программалары), экзоскелет (адамга кыймылдоого жардам берген атайын каркас: ордунан туруууга, туруп туруууга, басууга) жана башка көптөгөн каражаттар саналат.

Майыптыгы бар адамдарды көмөкчү технология менен камсыз кылуу адамдын керектөөлөрүн баалоону, технологияларды, түзүлүштөрдү, программаларды же кызматтарды иштеп чыгууну, колдонуучуну окутууну, ошондой эле үйдөгү чөйрөгө жана тышкы чөйрөгө адаптациялоону камтыйт.

**Көмөкчү технологиялар менен камсыздоо төмөнкү принциптерге негизделиши керек:**

- **Жеткиликтүүлүк** - жеке жана жамааттык көмөкчү технологияларга тоскоолдуксуз жетүүнү камсыз кылуу;
- **Комфорт** - күнүмдүк турмушта, окууда, эмгекте же башка иштерде колдонуунун ыңгайлуулугу жана жеңилдиги;
- **Эргономика** - адамдын антропометриялык, психофизикалык жана психологиялык касиеттерин эске алуу;
- **Сапаты** - техникалык жана эксплуатациялык мүнөздөмөлөргө заманбап талаптардын шайкештиги.

Терс белгини билдирген «коляскачандар», «кохлеарчан» же башка терминдерди колдонуу сунушталбайт. «Адегенде адам, андан кийин анын майыптыгы» принциби боюнча, мисалы, «коляска колдонгон майыптыгы бар адам», «угуу аппаратын же кохлеардык имплант колдонгон адам» деген терминдерди колдонуу сунушталат.

# М МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРГА КАРАТА ЭТИКЕТ

Майыптыгы бар адамга карата коомдо жүрүм-турум жана баарлашуунун сунушталган эрежелери, майыптыгы жок адамдын майыптыгы бар адам менен баарлашуусунун туура жолдору. Бул эрежелерди билүү жана майыптыгы бар адамдарды коомдук турмушка кошууга көмөктөшүүчү инклюзивдүү маданиятты түзөт.

**Майыптыгы бар адамдарга карата этикет төмөнкү принциптерге негизделет:**

- Майыптыгы бар адамдар менен баарлашууда тең укуктуулук жана басмырлоого жол бербөө принцибин сактоо: майыптыгы бар адам коомдогу башка адамдардай эле урмат-сыйга жана сылык мамилеге укуктуу;
- Майыптык ар түрдүү; майыптыгы бар ар бир адамдын уникалдуу тажрыйбасы бар. Ар кандай майыптыгы бар адамдардын муктаждыгынын ар түрдүүлүгүн эске алуу маанилүү;
- Катышуу принциби: эгерде майыптыгы бар адам менен баарлашууда кыйынчылык туулса, андан сунуш же кеңеш сураса болот. Майыптыгы бар адам бул тармакта эң мыкты эксперт жана жардам бере алат.

**Майыптыгы бар адамдарга карата этикет үч компоненттен турат:**

### Туура терминология

«Адегенде адам, андан кийин анын майыптыгы» деген принципти карманыу маанилүү.

Майыптык болуп майыптыгы бар адамдын өзүн-өзү идентификациялоосунун бир бөлүгү саналат.

Мисалдар: Даун синдрому бар адам, АСБ (аутизм спектринин бузулушу) бар бала, коляска колдонгон майыптыгы бар аял.

### Жардам берүү

Кээ бир майыптыгы бар адамдар жардамга муктаж, бирок аны көрсөтүүдө алгач адамдын оюн суроо маанилүү

Адам сунуш кылынган жардамдан баш тарта алат жана бул кастыкты жаратпашы керек. Майыптыгы бар адамдын ой-пикирин угуу зарыл.

### Майыптык жөнүндө стереотиптерден жана терс көз-караштардан качуу

Майыптыгы бар адамдар жөнүндө шашылыш тыянак чыгаруудан качуу маанилүү, бул аларды кемсинтиши же аларга атайылап зыян келтириши мүмкүн.

Ал үчүн майыптык тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу жана майыптыгы бар адамдарга сый-урмат менен мамиле кылуу сунушталат.

# М МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРДЫ ДИСКРИМИНАЦИЯЛОО

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясында дискриминация – бул майыптыгынын негизинде кандайдыр бир айырмалоо, четтетүү же чектөө, анын максаты же натыйжасында саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка чөйрөдө адамдын бардык укуктарын жана негизги эркиндиктерин башкалар менен тең карабо, аны ишке ашырууну жана жүргүзүүнү четке кагуу болуп саналат.

Майыптыгы боюнча дискриминация эйблизм, дисабилизм же гандикапизм деп аталат.

**Эйблизм** коом жана жеке адамдар майыптыгы жок адамдарга артыкчылык көрсөтүрүн сүрөттөө үчүн колдонулат.

**Гандикапизм** – майыптыгы бар адамдарга карата терс көз-караштар жана мамилелер.

**Дисабилизм** майыптыгы бар адамдарга карата түз, атайылап басмырлоону же кыянаттык мамилелерин сүрөттөө үчүн колдонулат.

Майыптыгы боюнча дискриминациянын төмөнкүдөй түрлөрү бар: түз; кыйыр; ассоциацияга байланышкан дискриминация; системалык (структуралык) дискриминация; көптөгөн жана кайчылаш (интерсекционалдык); өкүлдөрү аз камтылган топторго карата дискриминация; жөндүү ылайыкташуудан баш тартуу, куугунтуктоо же харрасмент (башка адамга ыңгайсыздык, ал тургай зыян келтирген, анын жеке жашоосунун кол тийбестигин бузган адамдын жүрүм-туруму).

**Түз дискриминация** – майыптыгы бар адамдарга башка топторго караганда азыраак урмат-сый менен мамиле кылуу, адамдын кадыр-баркын түшүрүү. Мисалдар: психикалык жактан майыптыгы бар адамга «мүмкүнчүлүгү чектелгендиктен» камкорчусуз же багуучусуз укук коргоо органдарына кайрылуу тыюу салынат; компания церебралдык шал диагнозу бар адам кызматтык милдеттерин аткара аларына же аткара албастыгына карабастан, аны жумушка албоо саясатын карманат.

**Кыйыр дискриминация** – бул майыптыгы бар адамга терс таасирин тийгизген мыйзамдар, саясат же практика. Мисал: майыптыгы бар адамдын саясий шайлоого катышууга укугу бар, бирок шайлоо участкасынын инфраструктурасы ыңгайлаштырылган эмес, бул алардын укуктарынын ишке ашуусун чектейт.

**Майыптык ассоциациясына байланышкан дискриминация** – бул адамдарды майыптык менен байланышы боюнча басмырлоо. Мисал: майыптыгы бар баланын энеси балага кам көрүү үчүн ийкемдүү иш графигине муктаж болгондуктан, потенциалдуу иш берүүчү тарабынан басмырланышы мүмкүн, ошондуктан ал азыраак ишенимдүү жумушчу деп эсептелет.

**Системалык (структуралык) дискриминация** - айрым топтордун же адамдардын бирдей укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө жетишүүсүнө тоскоол болгон мекемелердеги жана коомдогу мамиленин жана жүрүм-турумдун эрежелери, ченемдери, тартиби, модели. Мисалы: гендер менен майыптыкка негизделген стереотиптерден улам майыптыгы бар аялдар укук коргоо органдарына зордук-зомбулук жөнүндө билдирүүдө тоскоолдуктарга дуушар болушу мүмкүн, анткени аларга ишеним көрсөтүшпөйт; психосоциалдык майыптыгы бар адамдар сыйкырчылык менен алектенет деген кеңири таралган ишеним, коомчулук тарабынан аларга карата обочолонууга же зыяндуу иш-аракеттерге алып келет.

**Көптөгөн жана кесилишкен (интерсекционалдык) дискриминация** - бир нече өзгөчөлүктөргө негизделген дискриминация, мисалы, майыптыгы, жынысы, жашы, улуту, миграциялык абалы, сексуалдык ориентациясы ж.б. Көптөгөн дискриминацияга адам эки же андан көп себептер менен дискриминацияга туш болгон учурлар кирет, ал өз кезегинде курчуган же күчөгөн дискриминацияга алып келет. Мисалы, жумуш издеп жүргөн этностук азчылыкка кирген майыптыгы бар адам улутуна, ошондой эле майыптыгына карата басмырланышы мүмкүн. Кайчылаш дискриминация бир нече өзгөчөлүктөрдүн бир эле учурда бири-биринен ажырагыс түрдө өз ара аракеттенүүсүн билдирет. Бул ар башкача абалдардын айкалышы адам үчүн уникалдуу тажрыйбаны жаратат. Мисалы, майыптыгы бар аялдар гендердик жана майыптык жактан басмырлоонун уникалдуу айкалышынан улам мажбурдуу түрдө стерилизацияга көп дуушар болушат. Мындай басмырлоого аялдар да, майыптыгы бар адамдар да жалпысынан дуушар болушпайт.

**Өкүлдөрү аз камтылган топторго карата дискриминация** – бул майыптыгы бар адамдардын ар кандай топторунун ортосундагы горизонталдык дискриминация. Контекстке жараша кээ бир топтор туура эмес ой-пикирлердин негизинде кодулоонун жана стигматизациянын айрым түрлөрүнө дуушар болушат. Ушундан улам дискриминацияны ар түрдүү топтор ар башкача кабыл алат. Мисал: Даун синдрому боюнча коомдо маалымдуулук төмөн, бир эле синдромго ээ адамдардын функционалдык деңгээли ар кандай болушу мүмкүн.

**Жөндүү ылайыкташуудан баш тартуу** - зарыл жана тийиштүү модификациялар жана оңдоп түзөөлөр (пропорционалдуу эмес же ашыкча жүктү түзбөгөн) четке кагылган дискриминация. Мисал: азиз жана угуусу начар аял парламенттеги коомдук угууга сурдокотормочулардын катышуусун суранса, ага "бул өтө кымбат жана бюджет жок" деп баш тартышат.

# М МАЙЫПТЫГЫ БАР АДАМДАРДЫН УЮМДАРЫ

Бул уюмдардын басымдуу бөлүгүн (51%) бардык деңгээлде өз функцияларын аткарган майыптыгы бар адамдар түзөт: уюмду башкаруу, штаттык персонал же тартылган волонтерлор.

Майыптыгы бар адамдардын уюмдары – бул саясатты өзгөртүү жана майыптыгы бар адамдар үчүн бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыздоо үчүн региондук, улуттук жана/же эл аралык деңгээлде иштеген укук коргоочу уюмдар.


**БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын №7 жалпы комментарийинде майыптыгы бар адамдардын уюмдарын аныктоонун төмөнкүдөй критерийлери берилген:**

- Бул уюмдар биринчи кезекте майыптыгы бар адамдардын жана алардын үй-бүлөлөрүн колдоо жана укуктарын коргоо максатында түзүлөт;
- Кызматкерлерди жалдоо жана уюмдардын өкүлчүлүгү майыптыгы бар адамдар тарабынан жүргүзүлөт;
- Көпчүлүк учурларда бул уюмдар эч кандай саясий партия менен байланышы жок жана мамлекеттик бийлик органдарынан жана башка өкмөттүк эмес уюмдардан көз каранды эмес;
- Уюмдар масштабы боюнча жергиликтүү, улуттук, региондук же эл аралык болушу мүмкүн;
- Уюмдар майыптыгы бар адамдардын ар кандай топторунун (мисалы гендердик, жынысы, улуту, курагы, мигрант же качкын статусу) кызыкчылыктарын коргойт;
- Уюмдар бир же бир нече майыптыгы бар адамдардын кызыкчылыктарын коргошу же бардык майыптыгы бар адамдардын мүчө болушуна ачык болушу мүмкүн;
- Уюмдар өзүнчө бирикмелер, коалициялар, майыптыгы бар адамдардын кесилишкен же зонт ассоциациялары катары чыга алышат.

# М МАЙЫПТЫК

«Майыптык» деген эмне экенин түшүнүү үчүн 2001-жылы Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ДССУ) тарабынан иштелип чыккан Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясына (ИЭК) кайрылуу керек, анда майыптыкты бир нече факторлордун өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасы катары кароо сунушталат (Диаграмма).

*Диаграмма. Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы" (ИЭК), ДССУ, 2001-ж.*




Ден соолуктун өзгөрүшү адамдын жашоосуна таасир этиши мүмкүн (организмдин функциялары жана структуралары). Натыйжада адам белгилүү бир иш-аракеттерди (активдүүлүк) аткарууда кыйын болушу мүмкүн, бул анын күнүмдүк жашоого катышуусунда (катышуу) таасир этет. Мунун баары адам кандай чөйрөдө (айлана-чөйрө факторлору) жашайт жана ал кандай индивидуалдык өзгөчөлүктөргө ээ экендигине, мисалы, жашына, жынысына, социалдык статусуна же жашоо тажрыйбасына (жеке факторлор) көз каранды.

Бул концепциянын негизинде майыптык - бул адамдын (ден соолугунун абалы, иштөө жөндөмдүүлүгү, активдүүлүгү жана катышуусу) жана ал турган кырдаалга мүнөздүү контексттик факторлордун (айлана-чөйрө факторлору жана жеке факторлор) ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжасын билдирген термин.

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча конвенциясы майыптык - бул эволюцияланып турган түшүнүк экенин белгилейт жана майыптыгы бар адамдар физикалык, психикалык, интеллектуалдык же сенсордук туруктуу бузулууга дуушар болгон адамдар катары аныкталган, алар ар кандай тоскоолдуктар менен өз ара аракеттенүүдө, башкалар менен бирдей коомдук турмушка толук жана натыйжалуу катышуусуна тоскоол болушу мүмкүн.

Учурда Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча майыптыгы бар адамдардын саны 1,3 миллиардды же дүйнө калкынын 16%ын түзөт. Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча 2022-жылы Кыргызстанда 211650 майыптыгы бар адам катталган, ошондой эле жыл сайын майыптыгы бар адамдардын саны өсүүдө.


Майыптыктын ар кандай түрлөрү бар: психосоциалдык, физикалык, интеллектуалдык, сенсордук жана бир нече майыптык ⇨(Майыптыктын түрлөрү). Майыптык тубаса (жатын ичиндеги мезгилде же төрөт учурунда) же кийин (жашоо учурунда) пайда болушу мүмкүн. Адамдардын 90%ында майыптыгы сыртынан байкалбайт, мындай майыптык көрүнбөгөн деп аталат. Майыптыгы бар ар бир адамдын өзгөчө тажрыйбасы бар. Окшош майыптыгы бар адамдар түрдүү иштөө баскычына ээ болушу мүмкүн.

«Майып», «ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам» же «өзгөчө муктаждыктарга ээ адам» деген терминдерди эмес «майыптыгы бар адам» деген терминди колдонуу сунушталат. Ошондой эле «МБА» аббревиатурасын колдонуу менен «майыптыгы бар адам» терминин кыскартуу сунушталбайт, анткени адамдардын бул тобун объектке айландырат ат, адамдыктан жана инсандыктан ажыратат.

# М МАЙЫПТЫК БАГЫТЫНДАГЫ САЯСАТ

Бул түшүнүк үч түзүмдөн турат. Бир жагынан, бул майыптыгы бар адамдарга карата мамлекеттик саясат, анын ичинде ресурстарды бөлүштүрүү, шарттарды түзүү жана майыптыгы бар адамдарга кызмат көрсөтүү. Экинчи жагынан, бул майыптыгы бар адамдар коомунун өз укуктарын коргоо жана кызыкчылыктарын алдыга жылдыруу максатындагы жамааттык иш-аракеттери. Үчүнчү жагынан, бул майыптыкты  ченемдик (мыйзамдар, расмий документтер) жана ченемдөөчү (майыптык  жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу) тармакта (жалпыга маалымдоо каражаттары, адабият, кино, социалдык тармактар) чагылдыруу.

*Диаграмма. Майыптык саясатынын схемасы*





Британиялык изилдөөчү Роберт Ф.Дрейк майыптык карата мамлекеттин мамилеси жаатында майыптык саясатынын бир нече моделдерин аныктайт. Терс саясатта мамлекет майыптыгы бар адамдардын жарандык жана жалпы адам укуктарын активдүү түрдө жокко чыгарат. Кийлигишпөө моделинде мамлекет майыптыгы бар адамдардын жашоосунда минималдуу роль ойнойт. Мозаикалык модель төмөнкүчө: мамлекет майыптыкка көңүл бурат, бирок башаламан жана үстүртөн, балким, кысымга жана жагдайга байланыштуу болушу мүмкүн, бирок ырааттуу жана кылдат пландаштырылган стратегияны түзүп, ишке ашырууну каалабайт. Максималдуу саясат мамлекеттин стратегиялык мамилесин билдирет, анын максаты майыптыктан келип чыккан бир катар көйгөйлөрдү аныктоо жана аларга көңүл буруу .

# М МАЙЫПТЫК БОЮНЧА ИЗИЛДӨӨЛӨР (DISABILITY STUDIES)

Бул майыптыктын маанисин, мүнөзүн жана кесепеттерин изилдеген академиялык дисциплина. Алар майыптыктын тарыхы, теориялар, мыйзамдар, саясат, этика жана искусство боюнча майыптыгы бар адамдардын турмуштук тажрыйбасына арналган эмгектерди камтыйт. Майыптык тууралуу илимий изилдөөлөр майыптыгы бар адамдардын жарандык укуктарына жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга жана алардын жашоо сапатын жакшыртууга көмөктөшөт.

Майыптык жаатындагы изилдөөлөр 1980-жылдары негизинен АКШда, Улуу Британияда жана Канадада пайда болгон. 1986-жылы Социалдык илимдер ассоциациясынын (АКШ) өнөкөт ооруларды, бузулууларды жана майыптыкты изилдөө секциясы Майыптыкты изилдөө боюнча коому болуп өзгөртүлгөн. АКШда биринчи майыптыкты изилдөө программасы 1994-жылы Сиракуз университетинде башталган. 1997-жылы Disability Studies Reader журналынын биринчи чыгарылышы (майыптыкты изилдөөгө байланыштуу илимий макалалардын биринчи жыйнактары) жарык көргөн.




Сүрөттө Ленард Дэвистин майыптык боюнча изилдөөлөр жыйнагынын мукабасы көрсөтүлгөн.

**Майыптыкты изилдөө коому төмөнкүдөй изилдөөлөрдү жүргүзөт:**

- гуманитардык, табигый жана коомдук илимдердин кесилишинде майыптыкты караган дисциплиналар аралык жана мультидисциплинардык мамиле;
- активисттерге, педагогдорго, сүрөтчүлөргө, практиктерге жана изилдөөчүлөргө майыптыкты ар кандай дисциплинардык көз караштардан изилдөөгө мүмкүндүк берүүчү ресурс;
- майыптыкты аныктаган жана айырмачылыктарга жеке жана жамааттык таасирди аныктоого жардам берген социалдык, саясий, маданий жана экономикалык факторлорду изилдеген моделдерди жана теорияларды изилдөө;
- коомдо майыптыкты стигматизациялоону жоюунун үстүндө иштөө мүмкүнчүлүгү;
- улуттук жана эл аралык перспективаларды, саясатты, адабиятты, маданиятты жана тарыхты майыптык жөнүндө заманбап ой-пикирлерди мүмкүн болушунча кеңири контекстке жайгаштыруу үчүн изилдөө;
- майыптыгы бар студенттердин жана мугалимдердин изилдөөлөргө катышуусун кубаттоо, ошондой эле аларга илимий билимге физикалык жана интеллектуалдык жетүүнү камсыз кылуу.

# М МАЙЫПТЫККА КАРАТА УКУКТУК МАМИЛЕ

Бул коомдун башка мүчөлөрү менен бирдей негизде майыптыгы бар адамдардын укуктарын ишке ашырууга негизделген мамиле. Ал майыптыкты сыйлоо жана анын бардык түрлөрүн колдоо керек экендигине негизделет, анткени ал адамдын көп түрдүүлүгүнүн табигый бөлүгү. Майыптык адамдын билим алуу, ишке орношуу, шайлоодо добуш берүү, спорттук жана маданий иш-чараларга катышуу, социалдык жактан коргоо, сот адилеттигине жетүү, саламаттыкты сактоо кызматтарынан пайдалануу, банктык эсеп жүргүзүү, турак-жай сатып алуу, никеге туруу жана башка укуктарын чектөөгө себеп болбошу керек.

Бул мамиле БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын өзөгүн түзөт ⇨(БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы (МАУК) жана майыптыгы бар адамдарга карата дискриминациялык практиканы жоюуга багытталган.

**Укуктук мамиленин негизги принциптери БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясында белгиленген:**

- адамга таандык кадыр-баркын, анын жеке өз алдынчалыгын, анын ичинде өз алдынча тандоо эркиндигин жана көз карандысыздыгын урматтоо;
- басмырлабоо (бардыгына бирдей мамиле кылуу);
- коомго толук жана натыйжалуу тартуу жана кошуу;
- майыптыктын өзгөчөлүктөрүн урматтоо жана аларды адамдык көп түрдүүлүктүн компоненти жана адамзаттын ажырагыс бөлүгү катары кабыл алуу;
- мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги;
- жеткиликтүүлүк (транспорт каражаттарына, коомдук жайларга, маалыматка эркин жетүү жана майыптыкка байланыштуу жетүүгө тыюу салуунун болбой тургандыгы);
- эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу (балдар менен кыздар дагы бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ);
- майыптыгы бар балдардын өнүгүп келе жаткан жөндөмдөрүн урматтоо жана алардын индивидуалдуулугун сактоо укугун урматтоо.

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясында майыптыгы бар аялдардын жана кыздардын укуктарын коргоого өзүнчө беренe арналган, анткени алар жашоонун көпчүлүк тармактарында тоскоолдуктарга туш болушат. Бул тоскоолдуктар, атап айтканда билим берүү, экономикалык мүмкүнчүлүктөр, сот адилеттиги, саясий, социалдык жана коомдук турмушка катышуу сыяктуу дискриминациянын көптөгөн жана кесилишкен формаларынын кырдаалын жаратат ⇨ (Майыптыгы бар адамдарды дискриминациялоо). Ошондой эле укуктарынын корголушуна, кызмат көрсөтүүнү колдонууга жана алардын жашоосуна байланышкан маселелер боюнча өз пикирин билдирүүгө муктаж болгон майыптыгы бар балдарга өзгөчө көңүл бурулат.

Укуктук мамиле саясатты өзгөртүү жана майыптыгы бар адамдар үчүн бирдей укуктарды жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу максатында аймактык, улуттук жана/же эл аралык деңгээлде иштеген майыптыгы бар адамдардын уюмдары, башка ар түрдүү уюмдар жана коомчулуктар тарабынан колдоого алынат ⇨(Майыптыгы бар адамдардын уюмдары).

# М МАЙЫПТЫК МОДЕЛДЕРИ

Бул майыптыкты кабыл алуу жана аны түшүндүрүү, коомдун майыптыкка болгон көз карашын чагылдырылат. Шарттуу түрдө төрт моделге бөлүнөт: кайрымдуулук, медикалисттик, социалдык жана маданий.

**Кайрымдуулук (салттуу, адеп-ахлактык, диний) модель** майыптыкты диний көз караш менен түшүндүрөт. Бир жагынан майыптык - «күнөөлөр үчүн жаза» болсо, экинчи жагынан «жогорудан жиберилген белек». Бул модель майыптыкты трагедия же бактысыздык деп эсептейт, ошондуктан башкалар майыптыгы бар адамга боору ооруп, өкүнүч менен кайрымдуулук жардамын көрсөтүшөт. Мындай модель майыптыгы бар адамга карата патерналисттик (коргоочу) мамилени жана аны коомдон четтетүүнү шарттайт.

---

**Медикалисттик (медициналык) модель** майыптыкты оору, кемчилик, дефект же чектөө катары карайт: майыптыгы бар адам кемчиликтүү жана өз алдынча жашоого жөндөмсүз деп эсептелет. Бул модель майыптыгы бар адамдарды обочолонтууга жана атайын мекемелерге жайгаштырууга көмөктөшөт.

---

**Социалдык модель** майыптыгы адамдын жеке өзгөчөлүгү катары эмес, коом тарабынан түзүлгөн тоскоолдуктар катары карайт. Адамдын муктаждыктарына шайкеш келбеген чөйрө, коомдогу майыптык жөнүндө терс стереотиптер жана коммуникация көйгөйлөрү адамдын өз алдынча жана толук кандуу жашоо мүмкүнчүлүгүн чектейт. Бул моделге ылайык майыптык адамда болгон кемчиликтерден эмес, коом же айлана-чөйрө тарабынан алардын жашоосунда түзүлгөн жасалма тоскоолдуктардан келип чыгат.

---

**Маданий модель** майыптыкты жашоонун өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлгөн ар түрдүү субмаданияттардын түрү катары карайт (угуу же көрүү мүмкүнчүлүгү чектелген, Даун синдрому же аутизм спектри бар адамдардын коомчулугу). Бирок окшош майыптыгы бар адамдар такыр башка тажрыйбага, жүрүм-турумга, баарлашуу ыкмаларына жана башкаларга ээ болушу мүмкүн. Бул модель майыптыкка карата стереотиптик мамилелерден баш тартуу жана адамдын майыптыгына, этностук таандыгына, жынысына, расасына, улутуна, социалдык абалына, динине, турмуштук тажрыйбасына карабастан, коомдун ар бир мүчөсүнүн жашоосунун баалуулугун жана маанилүүлүгүн кабыл алуу идеясын жайылтат.

Кыргызстанда жүргүзүлгөн көптөгөн изилдөөлөр бүгүнкү күндө коомдо майыптыкка кабыл алуунун кайрымдуулук жана медикалисттик моделдери үстөмдүк кылып жатканын көрсөтүп турат. Бирок майыптыгы бар адамдардын коомдук кыймылы укуктук мамилеге негизделген социалдык жана маданий моделдерди жигердүү илгерилетүүдө

⇨ (Майыптыкка карата укуктук мамиле).

# МАЙЫПТЫКТЫН ТҮРЛӨРҮ

ИЭК моделине ылайык ⇨ (ИЭК. Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун (ДССУ) Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы (ИЭК)), майыптык – бул айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүнүн натыйжасында белгилүү бир аракеттерди жасоо кыйын болгон адамдын абалы. Майыптыктын көптөгөн түрлөрү бар, алардын ичинен эң кеңири тарагандары – сенсордук, физикалык, психосоциалдык, интеллектуалдык жана бир нече майыптыктар.

**Сенсордук майыптык** – сезүү органдарынын бузулушу. Майыптыктын бул түрүнө көрүү, угуу, тийүү (тери), вестибулярдык аппараттар ж.б. кирет.

**Психосоциалдык майыптык** адамдын сезимине, ой жүгүртүүсүнө, жүрүм-турумуна жана башкалар менен болгон мамилесине таасир этүүчү бир катар шарттарды камтыйт. Бул түргө аутизм спектринин бузулушу, биполярдык бузулуу, тынчсыздануу, шизофрения, нерв анорексиясы, обсессивдүү-компульсивдик бузулуу, дене дисморфикалык бузулуу кирет.

**Физикалык майыптык** – адамдын физикалык жөндөмүнүн жана/же кыймылынын убактылуу же туруктуу чектелиши. Физикалык майыптыкка жүлүн мээсинин жаракаты, Spina Bifida (жүлүндүн кысылышы), церебралдык шал оорусу, муковисцидоз, эпилепсия, склероз, булчуңдардын дистрофиясы, Туретта синдрому, дварфизм (бою кыскалык) кирет.

**Бир нече майыптык** – майыптыктын эки же андан көп түрлөрүнүн жыйындысы. Мисалы, адамда бир эле убакта сенсордук жана интеллектуалдык майыптыктын болушу.

**Интеллектуалдык майыптык** күнүмдүк жашоого, өзүн-өзү тейлөөгө, коопсуздукка, коммуникацияга жана социалдашууга таасирин тийгизет жана баарлашууда, окууда, маалыматты иштеп чыгууда кыйынчылык жаратат. Майыптыктын бул түрүнө Даун синдрому, морт хромосом синдрому (Фрагиль синдрому), Прадер-Вилли синдрому, феталдуу алкоголдук спектри жана башкалар кирет.

Окшош майыптыгы бар адамдар иштешинин, жүрүм-турумунун, майыптыктын тышкы өзгөчөлүгүнүн, жөндөмүнүн ж.б. түрдүү баскычына ээ болушу мүмкүн. Майыптыгы бар адамды көрсөтүүдө «адегенде адам, андан кийин анын майыптыгы» принциби колдонулат. Мисалы, «Даун синдрому бар бала», «аутизм спектри оорусу бар өспүрүм», «церебралдык шал оорусу бар эркек», «бир нече майыптыгы бар аял». Ал эми «сокур», «дүлөй», «аутист», «шизофрения», «карлик», «анорексиялык», «эпилепсия», «шал», «майып», «майыптыктын курманы», «менталдык оорулуу» деген терминдерди колдонуу сунушталбайт.

# Н НЕЙРОТҮРДҮҮЛҮК

Мээнин иштешин изилдөөлөрдүн өнүгүшү менен окумуштуулар адамдар курчап турган дүйнөнү ар түрдүү кабылдап, аны менен өз ара аракеттенет деген жыйынтыкка келишкен; ой жүгүртүүнүн, окуунун жана жүрүм-турумдун бир «туура» жолу жок. Бул баарлашууда, үйрөнүүдө, көңүл бурууда, маанайда жана башка психикалык функцияларда чагылдырылган мээнин түзүлүшүндөгү көп түрдүүлүккө негизделет. Бул нейротүрдүүлүк же нейродивергенция деп аталат.

Бул термин австралиялык социолог Жуди Сингер тарабынан неврологиялык айырмачылыктары бар адамдардын тең укуктуулугун жана коомго аралашуусун колдоо максатында ойлоп табылган. Бул кээ бир нервдик өнүгүү бузулуулары табиятынан патологиялык болуп саналат деген түшүнүккө каршы турууга жана майыптыктын негизги фактору социалдык тоскоолдуктар болгон майыптыктын социалдык моделин жайылтууга мүмкүндүк берди.



Сүрөттө адамдын мээсиндеги нейрон байланыштары көрсөтүлгөн.

«Нейротүрдүүлүк» термини аутизм спектри, көңүл буруу дефицити жана гиперактивдүүлүк синдрому, сүйлөө өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, дислексия, диспраксия, дискалькулия, дисномия, биполярдуулук, шизофрения, Туретт синдрому жана башка диагноздордун контекстинде активдүү колдонулат. Социалдык моделге ылайык ⇨ (Майыптыктын моделдери), бул оорулар адамдын кемчиликтери эмес жана оңдоо же түздөө түрүндө медициналык кийлигишүүнү талап кылбайт. Бул адамдар колдоого, кызматтарга, байланышка, көмөкчү технологияларга жана айлана-чөйрөгө ыңгайлашууга, анын ичинде алар үчүн туура тилди колдонууга муктаж.

«Нейротүрдүүлүк» деген термин майыптыгы бар адамдар башкалардай болуп, урмат-сыйга, өз ой-пикирин билдирүүгө жана көз карандысыз жашоого укуктуу экенин түшүнүүнү жана таанууну кеңейтет ⇨(Көз карандысыз жашоо). Алардын тажрыйбасы адамдык ар түрдүүлүктүн бир бөлүгү болуп саналат.

# П ПАРАЛИМПИАДАЛЫК ОЮНДАР

Бул майыптыгы бар адамдардын эл аралык спорттук мелдеши, ал Олимпиада оюндары уюштурулган жылы өтөт жана ошол эле объекттер колдонулат.

Экинчи дүйнөлүк согуш маалында, 1944-жылы Улуу Британиянын өкмөтүнүн буйругу менен англиялык нейрохирург Людвиг Гуттман Эйлсберидеги Стокмандвилл ооруканасында жүлүн оорулары менен жабыркаган адамдарды реабилитациялоо борборун түзгөн. Негизинен алар согуш учурунда жапа чеккен аскер кызматкерлери болгон. Людвиг Гуттман спортту реабилитациялык процесс катары колдонгон, ал адамды ийгиликтүү жашоого кайтып келүүгө, психоэмоционалдык жактан калыбына келтирүүгө, колясканы башкаруу үчүн физикалык күчтү чыңдоого жардам берген. 1948-жылы борбордо коляскада отурган спортчулар үчүн биринчи мелдеш өтүп, ал Сток Мандевилль оюндары деп аталган. Алар Лондондогу XIV жайкы Олимпиада оюндары менен бир убакта эл аралык «катар өтүүчү» мелдештердин статусун берүү максатында өткөрүлдү. Паралимпиадалык оюндардын аты ушундан келип чыккан.

Биринчи Паралимпиадалык оюндар 1960-жылы Римде (Италия) өткөн. XVII Олимпиада оюндарынын жабылыш аземинен алты күндөн кийин өткөн мелдешке 23 өлкөдөн 400гө жакын спортчу катышты. Алар спорттун 8 түрүн көрсөтүшкөн, анын ичинде жеңил атлетика, коляскадагы баскетбол, дартс, коляска менен фехтование, сууда сүзүү, снукер, стол тенниси жана жаа атуу. Учурда оюндарга 22 жайкы жана 6 кышкы спорттун түрү кирет. Эгерде Паралимпиадалык оюндарды өнүктүрүүнүн башталышында коляска колдонгон майыптыгы адамдар гана катышса, азыр майыптыктын түрүнө жараша он категориядагы спортчулар: физикалык, көрүү жана интеллектуалдык жактан майыптыгы бар адамдар катыша алышат.




Сүрөттө бразилиялык азиз спортчу Терезинья Гилхермина жана анын ассистенти Гильерме Сантана 2012-жылы Лондондо өткөн Паралимпиадада эмоционалдык жеңишке ээ болушту.
terezinhaguilherminaoficial

1984-жылы Эл аралык Олимпиада комитети бул оюндардын атын расмий бекитип, 1989-жылы Эл аралык паралимпиада комитети түзүлгөн. Паралимпиадалык оюндар – майыптыгы бар адамдардын укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү аркылуу социалдык интеграцияга көмөктөшүүчү эл аралык спорттук иш-чара.

2004-жылы Кыргыз Республикасында Паралимпиада комитети, 2014-жылы Майыптыгы бар адамдар спортунун улуттук федерациясы түзүлгөн. 2016-жылы Жогорку Кеңеш «Кыргыз Республикасындагы паралимпиадалык спорт жөнүндө» Мыйзамын кабыл алган. Мыйзамга ылайык паралимпиадалык спорттун түрлөрүн өнүктүрүүгө мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдоо көрсөтүшү керек. Алсак, Мыйзамдын 14-беренесинде спорттун паралимпиадалык түрлөрүн өнүктүрүүгө республикалык жана жергиликтүү бюджеттен 3%дан кем эмес каражат жумшоо милдеттендирилген ченем белгиленген. Учурда Кыргызстанда спорттун паралимпиадалык жана олимпиадалык эмес түрлөрү боюнча бир нече спорт федерациялары бар: стол тенниси, жаа атуу, тоо лыжасы, велоспорт, пауэрлифтинг, армрестлинг, күрөш, таэквондо, триатлон, дзюдо, каноэ, теннис жана сууда сүзүү.

## С СУРДЛИМПИАДА ОЮНДАРЫ

Бул угуусу жабыркаган адамдар үчүн спорттун эл аралык комитети (ICSD - Угуусу жабыркаган адамдар үчүн спорттун эл аралык комитети) тарабынан уюштурулган эл аралык мультиспорттук иш-чара. Ал төрт жылда бир жолу өткөрүлөт. Биринчи Сурдоолимпиада оюндары 1924-жылы Париж ш. (Франция) өткөн.

Алар Сурдлимпиада, Дефлимпиада оюндары, Дүйнөлүк угуусу жабыркаган адамдар оюндары, Сурдлимпиада же Дефлимпиада деп да аталат.

Сурдлимпиада оюндарына катышуу үчүн спортчунун эң жакшы дегенде угуусу 55 дБ кем эмес болушу керек. Мелдеш учурунда угуу аппараттарын жана кохлеардык имплантгарды колдонууга жол берилбейт. Үн сигналдары колдонулбайт, анын ордуна визуалдык сигналдар колдонулат.

**Сурдоолимпиада оюндарынын программасына төмөнкү спорттун түрлөрү кирет:**

**Жайкы спорт түрлөрү:**

**Жеке:** бадминтон, жеңил атлетика, боулинг, гольф, велоспорт-шоссе, эркин күрөш, грек-рим күрөшү, дзюдо, каратэ, маутинбайк, стол тенниси, сууда сүзүү, спорттук ориентирлөө, ок атуу, теннис, таэквондо.
**Командалык:** баскетбол, волейбол, пляж волейболу, футбол, гандбол.

**Кышкы спорт түрлөрү:**

**Жеке:** тоо лыжасы, лыжа жарышы, сноуборд.
**Командалык:** керлинг, шайба менен хоккей.

T

# ТЕҢЧИЛИК ЖАНА АДИЛЕТТҮҮЛҮК

**Теңчилик** ар бир адамга же адамдардын тобуна бирдей ресурстар же мүмкүнчүлүктөр берилгенин билдирет. Майыптыгы бар адамдар коомдун башка бардык мүчөлөрү сыяктуу эле укуктарга ээ.

**Адилеттүүлүк** - бул адамдарда ар кандай жагдайлар болушу мүмкүн экенин таануу, ошондуктан коомдук ресурстарды баарына бирдей жеткиликтүү бөлүштүрүү менен ишке ашат.

Теңчилик жана адилеттүүлүк БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын негизги принциптери болуп саналат ⇨ (БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы (МАУК)).

Бардык адамдар майыптыгына, жынысына, жашына, улутуна, динине, тилине жана социалдык абалына карабастан коомдук ресурстарга бирдей жеткиликтүүлүккө ээ болушу керек.

Эгерде адам жеке колдоого муктаж болсо, анда ал ага көрсөтүлөт, бул чыныгы инклюзивдүү коомду түзүүгө өбөлгө түзөт. Бул социалдык адилеттүүлүк.

Бардык адамдар ресурстарга жетүүсү үчүн системалуу тоскоолдуктарды жоюу керек. Универсалдуу дизайнды түзүү ⇨ (Универсалдуу дизайн) бардык адамдардын, анын ичинде майыптыгы бар адамдардын коомдук ресурстарга жетүүсүн камсыз кылат.

# ТИФЛОКОММЕНТАРИЙ ЖЕ АУДИОДЕСКРИПЦИЯ

**Тифлокомментарий** - көрүүсү начар жана азиз адамдардын кабыл алуусу үчүн жеткиликтүү эмес (же аз жеткиликтүү) визуалдык маалыматты алмаштыруу (же толуктоо) үчүн атайын даярдалган максаттуу маалымат.

**Тифлокомментарий (же аудиодескрипция)** – көрүүсү начар жана азиз адамдар үчүн маалыматты жеткиликтүү кылууга багытталган кызмат. Ал сүрөттөө аркылуу визуалдык маалыматты оозеки түшүндүрүүдөн турат.

Англис тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдө бул аудиодескрипция деп аталат. «Аудио дескрипция» «үн менен сүрөттөмө» дегенди билдирет. Аудиосүрөттөмө кээде «видео сүрөттөмө» же «сүрөттөөчү баяндоо» деп аталат. Ал видео (фильмдин же социалдык жарнама роликтин) үн жолуна кошулат жана ал маанилүү визуалдык контентти жана негизги үн жолу жеткире албаган маалыматты сүрөттөйт.

Интернет ресурстарында сүрөттө эмне берилгендиги тууралуу жазылган алмаштыруучу текст («*alt*-текст») колдонулат, мисалы текст же негизги олуттуу деталдар. Издөө системалары алмаштыруучу тексттин маалыматын индекстейт жана издөө системаларынын рейтингин аныктоодо аны эске алат. Алмаштыруучу текстти экрандан окуу программалары жана башка көмөкчү түзүлүштөр окуйт.


# Т ТОКЕНИЗМ

Майыптыгы бар адамдарды чечимдерди кабыл алууга катышып жаткандай көрсөтүү же социалдык инклюзивдүү жана көп түрдүүлүк таасирин билдирүү үчүн аларды формалдуу же символикалык түрдө катыштыруу.

Майыптыгы бар адам мыйзам долбоорун, өкмөттүк программаны же расмий документти иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун мүчөсү болууга чакырылышы мүмкүн. Бирок ал кишиге өзүнүн сунуштарын же ойлорун айтууга укук берилбейт. Бул учурда адамды анын майыптыгын көрсөтүү менен коомчулуктун алдында «инклюзивдүү» же «демократиялык» көрүнүүгө колдонушат.

Токенизмге жол бербөө үчүн БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын «Бизсиз биз жөнүндө эч нерсе айтылбасын!» деген негиз салуучу принцибин кармануу маанилүү, ал майыптык менен байланышкан бардык маселелер боюнча чечим, майыптыгы бар адамдардын катышуусу менен гана кабыл алынышына негизделген ⇨ (Биз жөнүндө бизсиз эч нерсе айтылбасын, Катышуу, Майыптыгы бар адамдардын уюмдары).

Майыптыгы бар адамдардын укуктары үчүн күрөшкөн, дүйнөгө белгилүү активист, жазуучу жана спикер Эмили Ладаунун «Майыптык демистификациясы» деген китебинде балдар адабиятында чагылдырылышы көбүнчө токенизм экени айтылат. Майыптыгы бар баатырлар «башка» деп эсептелген символикалык каармандар катары чыгармаларга киргизилген. Ошол эле учурда алардын чыгармалардагы образдары көбүнчө стереотиптүү, бирок ошого карабастан алардын авторлору ушундай каармандарды жакшы ниетте жаратышы мүмкүн.




Сүрөттө Эмили Ладаунун «Майыптыкты демистификациялоо» китебинин мукабасы көрсөтүлгөн.

# Т ТРАНСДИСЦИПЛИНАРДЫК МАМИЛЕ


Бул майыптыгы бар адамдарды жана алардын үй-бүлөлөрүн тейлөө жаатындагы үй-бүлөгө багытталган мамиле. Бул мамилени колдонууда адистердин трансдисциплинардык команда тарабынан майыптыгы бар адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн катышуусу менен жумуштун бардык этаптарында: анын мүмкүнчүлүктөрүн, көйгөйлөрүн, күчтүү жана алсыз жактарын баалоодо, жардам берүү программасын пландаштырууда, ишке ашырууда жана натыйжалуулугун баалоодо кызмат көрсөтүлөт. Бул команданын мүчөлөрү бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, майыптыгы бар адамдын абалы, анын өнүгүүсү, муктаждыктары, мүмкүнчүлүктөрү жана кызыкчылыктары тууралуу маалымат алмашат. Кызматтын координатору болуп трансдисциплинардык топтун адистеринин бири дайындалат, ал кызмат көрсөтүүлөрдү координациялайт, үй-бүлө менен башка адистердин өз ара аракеттенүүсүн уюштурат, майыптыгы бар адамды жана анын үй-бүлөсүн иш аяктаганга чейин/жагдай чечилгенге чейин коштоп жүрөт.

Майыптыгы бар адамдар ар кандай муктаждыктарга ээ болушу мүмкүн жана көптөгөн мекемелерден (саламаттык сактоо, билим берүү, социалдык камсыздоо, реабилитациялык кызматтар ж.б.) кызматтарды ала алышат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, интеграцияланган кызмат көрсөтүү форматы эң натыйжалуу болуп саналат, мында тартылган адистердин саны чектелет. Ошондуктан, заманбап практикада ар кандай принциптер боюнча командага кирген адистердин тобору тарабынан жардам көрсөтүлөт (Диаграмма). Мультидисциплинардык мамиледе адамга жана анын үй-бүлөсүнө милдеттердин бирине багытталган ар кандай адистер тарабынан параллелдүү түрдө кызмат көрсөтүлөт. Дисциплиналар аралык команда жардам көрсөтүү планын чогуу иштеп чыгат, бирок ар бир адис же кызмат аларды өзүнчө көрсөтөт. Трансдисциплинардык мамиле адамдардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн бардык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн кызматтарды максималдуу координациялоого жана комплекстүү кызмат көрсөтүүгө багытталган. Башка мамилелерден айырмаланып, ал кызматтардын башаламандыгын азайтат, майыптыгы бар адамга жана анын жакын чөйрөсүнө адистердин карама-каршылыктуу жана чар-жайыт сунуштарынын болушун азайтат.

*Диаграмма. Мультидисциплинардык, дисциплиналар аралык жана трансдисциплинардык мамилелер.*

**Мультидисциплинардык мамиле**


Майыптыгы бар адамга жана үй-бүлөгө кызмат көрсөтүүлөр түрдүү кызматтар менен катар көрсөтүлөт



Майыптыгы бар адам жана анын үй-бүлөсү

**Дисциплиналар аралык мамиле**


Кызматтар биргелешип пландаштырылган, бирок алар ар бир кызмат тарабынан өзүнчө көрсөтүлөт




Майыптыгы бар адам жана анын үй-бүлөсү

**Трансдисциплинардык мамиле**

Кызматтарды пландаштыруу жана көрсөтүү бардык кызматтар тарабынан биргеликте ишке ашырылат



Майыптыгы бар адам жана анын үй-бүлөсү

# ТЫНЫГУУ (RESPITE CARE)

Майыптыгы бар балдардын ата-энелерине же майыптыгы бар чоң кишилерди баккан адамдарга кыска мөөнөттүү жардам көрсөтүүчү убактылуу камкордук. Бул түштөн кийин, бир нече күн же жума ичинде гана уюштурулушу мүмкүн. Үйдө, медициналык мекемеде же күндүзгү борбордо (балдар үчүн гана эмес, чоңдор үчүн да) камкордук көрсөтүлүшү мүмкүн.


Үйдө «тыныгуу» кызматы бир жолку, туруктуу же убактылуу медициналык эмес камкордукту (ал саламаттыкты сактоо же социалдык коргоо системасы тарабынан каржыланышы мүмкүн) жана көзөмөлдү билдирет, ал адамдын үйүндө төмөнкүдөй максатта ишке ашырылат:




- үй-бүлө мүчөлөрүн кам көрүү үчүн дайыма талап кылуучу жоопкерчиликтен бошотуу;



- үй-бүлө мүчөлөрүнө майыптыгы бар адамдын үйдө болушу үчүн жардам көрсөтүү;



- үй-бүлө мүчөсү жок ал адамдын коопсуздугун коргоо үчүн тийиштүү кам көрүү жана көзөмөлдү камсыз кылуу;



- өз алдынча жардамга жана адатта үй-бүлө мүчөсү тарабынан жүзөгө ашырылуучу башка иш-чараларга болгон негизги муктаждыктарын канааттандыруу.

«Тыныгуу» кызматы жергиликтүү коомчулук, коомдук уюмдар жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан көрсөтүлүшү мүмкүн. Көптөгөн өлкөлөрдө бул кызматты ишке ашыруу үчүн ваучер системасы колдонулат. Ваучерлер – бул үй-бүлө төлөм, купон же башка ыкма (майыптык боюнча жөлөкпулдун эсебинен) аркылуу кызмат көрсөтүүчүнү түз тандап алууга болгон каражат. Ошол эле учурда «тыныгуу» кызматын көрсөтүүчүлөрдө лицензия, тиешелүү квалификация жана кызмат көрсөтүү үчүн шарттар болушу керек.

# У УКУК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясынын 12-беренесинде Конвенцияны ратификациялаган мамлекеттер майыптыгы бар адамдардын укук жөндөмдүүлүгүн ишке ашырууну камсыз кылууга тийиш деп айтылат.

Укук жөндөмдүүлүгү – бул мыйзамга ылайык бир эле убакта укуктун ээси да, аракеттеги адам да болуу жөндөмдүүлүгү. Укук жөндөмдүүлүк адамга өзүнүн укуктарын сот системасы аркылуу толук коргоого укук берет. Мыйзамга ылайык аракеттенүүгө укук жөндөмдүүлүгү адамды бүтүмдөрдү бекитүүгө жана укуктук мамилелерди түзүүгө, өзгөртүүгө же токтотууга ыйгарым укуктуу агент катары таанынйт.

Майыптыгы бар адамдардын укук жөндөмдүүлүгү – бул жашоонун бардык аспектилеринде башка адамдар менен бирдей укуктарга ээ болуу; өздөрүнүн укуктарын ишке ашыруу үчүн муктаж болушу мүмкүн болгон колдоонун жеткиликтүүлүгү; майыптыгы бар адамдардын укуктарын коргоо жана кыянаттык менен пайдаланууну болтурбоо; майыптыгы бар адамдардын укуктарын, эркиндигин жана артыкчылыктарын урматтоо; коомдун башка мүчөлөрү менен бирдей негизде сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу.

Ар бир адам мыйзам алдында тең укуктуу болууга, мыйзам менен коргоого, талаш-тартыштарды адилеттүү чечүүгө, натыйжалуу өкүлчүлүккө жана аларды угуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийиш.

Укук жөндөмдүүлүгүнөн жана аны менен бирге майыптыгынын негизинде өзүнүн жашоосу, жумушу, билими, репродуктивдүү функциялары жана жашоонун башка чөйрөлөрү жөнүндө чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу БУУнун Конвенциясын одоно, бирок өтө кеңири таралган бузуу болуп саналат, мында чечим кабыл алуу эркиндиги камкордукка же көзөмөлгө алмаштырылат. Интеллектуалдык жана психосоциалдык майыптыгы бар адамдар, ошондой эле интернаттык мекемелерде жашаган адамдар укук жөндөмдүүлүгүнөн ажыратуу практикасына дуушар болушат.
Конвенция (12 жана 13-беренелер) майыптыкка карата тамырлашкан терс стереотиптерди жана түшүнүктөрдү жок кылат. Майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине жетүүсү адам укуктарын сактоонун негизги шарты болуп саналат.

**Майыптыгы бар адамдардын укук жөндөмдүүлүгүн жүзөгө ашырууда төмөнкү принциптер сакталууга тийиш:**

- ебардык майыптыгы бар адамдар укук жөндөмдүүлүгүнө ээ, ошондуктан эч ким майыптыгы боюнча сот адилеттигине жетүүдөн ажыратылбашы керек;
- майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине басмырлоосуз бирдей жетишин камсыз кылуу үчүн инфраструктура жана кызматтар жалпы жеткиликтүү болушу керек;
- майыптыгы бар адамдар, анын ичинде майыптыгы бар балдар тиешелүү процессуалдык оңдоолорго укуктуу;
- майыптыгы бар адамдар башка адамдар менен бирдей шартта укуктук билдирүүлөргө жана маалыматка өз убагында жана эркин жетүүгө укуктуу;
- майыптыгы бар адамдар башкалар сыяктуу эле эл аралык укукта таанылган бардык материалдык-укуктук жана процессуалдык укуктарга ээ, ал эми мамлекет тийиштүү укуктук жол-жоболордун сакталышына кепилдик берүү үчүн зарыл түзөтүүлөрдү камсыздоого милдеттүү;
- майыптыгы бар адамдар акысыз же баасы жеткиликтүү юридикалык жардам алууга укуктуу;
- майыптыгы бар адамдар башкалар менен бирдей шарттарда сот адилеттигин ишке ашырууга катышууга укуктуу;
- майыптыгы бар адамдар адам укуктары чөйрөсүндөгү укук бузуулар жана кылмыштар маселелери боюнча даттанууларды каттатууга жана соттук териштирүүнү талап кылууга, өздөрүнүн даттанууларын каратууга жана натыйжалуу мыйзамдуу коргоого укуктуу;
- айкын жана натыйжалуу мониторинг инструменттери майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине жетүүсүн колдоодо негизги ролду ойнойт;
- сот адилеттиги системасынын бардык кызматкерлерине майыптыгы бар адамдардын укуктары, өзгөчө сот адилеттигине жетүү маселелери боюнча маалымдуулукту жогорулатуу жана окуу программаларынан өтүү мүмкүнчүлүгүн берүү керек.

# У УНИВЕРСАЛДУУ ДИЗАЙН

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясына ылайык «универсалдуу дизайн» адаптациянын же атайын дизайндын муктаждыгысыз мүмкүн болушунча бардык адамдар тарабынан колдонууга багытталган предметтердин, кырдаалдардын, программалардын жана кызматтардын дизайнын билдирет.

Мындай дизайн универсалдуу деп аталат, анткени ал белгилүү бир топ үчүн өзүнчө шарттарды талап кылбастан, адамдардын эң кеңири чөйрөсү үчүн түзүлгөн. «Универсалдуу дизайн» зарыл болгон учурларда майыптыгы бар адамдардын белгилүү бир топтору үчүн ассистивдүү түзүлүштөрдү жокко чыгарбайт.

Универсалдуу дизайнды түзүү адамдар муктаж болгон имараттарды, объекттерди, технологияларды, каражаттарды жана кызматтарды жеткиликтүү кылууга багытталган идеялардын жана чечимдердин кеңири спектрин камтыйт.

Универсалдуу дизайнды түзүүдө кармануу сунушталган 7 принцип бар.

**Универсалдуу дизайн принциптери**

Аталышы | Түшүндүрмө | Колдонуу мисалы

**Колдонуудагы теңчилик**

Бардык адамдар зарыл болгон объектилерди, технологияларды, каражаттарды жана кызматтарды өз алдынча колдоно билиши керек.

Ар кандай муктаждыктары бар адамдар автоматтык түрдө ачылуучу эшиктери бар имаратка тоскоолдуксуз кире алышат.




Сүрөттө: Технопарктын коомдук имаратынын кире бериши (Бишкек ш.).

**Колдонуудагы ийкемдүүлүк**

Дизайн ар кандай адамдардын муктаждыктарына жооп бериши керек, алар керектүү объектилерди, технологияларды, каражаттарды жана кызматтарды колдонуу үчүн ылайыктาшуу зарылдыгы болбошу керек.

Бийиктигин жөнгө салуу мүмкүн болгон отургуч бою ар кандай узундуктагы адамдар үчүн ыңгайлуу болот.



Сүрөттө: ар кандай бийиктиктерди бекитүүгө мүмкүн болгон кеңсе креслосу

**Жөнөкөй жана интуитивдик түшүнүктүү колдонуу**

Дизайн ар бир адам тажрыйбасына, билимине, маданиятына, тил билүү деңгээлине же көңүл коюусуна карабастан, мейкиндикти же предметти кантип колдонууну түшүнө ала тургандай болушу керек.

Пиктограмма түрүндөгү нускамалар (кандайдыр бир предметти же иш-аракетти билдирген схемалык сүрөт) – бул маанилүү маалыматты визуалдык форматта берүү ыкмасы.





Сүрөттө: төрт кадамдан турган колду жуунун этаптары

**Оңой жеткиликтүү маалымат**

Түрдүү сенсордук кабылдоосу бар адамдарга маалымат жеткиликтүү болушу керек, ошол эле учурда ар кандай жолдор менен (угуу, көрүү, кинестетикалык, тактилдик ж.б.) берилет.

Субтитрлөө (видеону тексттик коштоо) укпаган жана угуусу начар адамдарга видеону кабыл алууга жардам берет. Субтитрлерди тил үйрөнүп жаткан же үндөн көрө окуганды жактырган адамдар дагы колдонушат.




Сүрөттө: "Тиффанининкиндеги таңкы тамак" (1961) титрлер менен берилген тасмасынан кадр.

**Катага жол берүү**

Адам аны колдонууда ката кетириши мүмкүн экенин эске алуу маанилүү, ошондуктан дизайн мүмкүн болушунча коопсуз жана кокустан жасалган иш-аракеттердин кесепеттерине даяр болушу керек.

Тактиль (кинестетикалык) жолдору азиздерге жана көрүүсү начар адамдарга машине жолго чыкканы жөнүндө эскертүүгө мүмкүндүк берет.



Сүрөттө: көчөдөгү кинестетикалык жол.

**Минималдуу физикалык күч-аракеттер**

Ар бир адам физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан, керектүү объектилерди, технологияларды, каражаттарды жана кызматтарды колдоно алат.

Самын дозаторлору колду жууганды жеңилдетет.



Сүрөттө: колду жакындатуу менен колдонулган сенсордук самын диспенсери.

**Колдонуу үчүн өлчөмдөрдүн жана мейкиндиктин болушу**

Объекттерде бардык адамдар, анын ичинде коляска колдонгон майыптыгы бар адам, бала же улгайган адам кире алгыдай жана эркин кыймылдай ала тургандай жетиштүү орун болушу керек.

Буюмдар, каражаттар, технологиялар жана кызмат көрсөтүүлөр адамдын көлөмүнө/боюна жана мобилдүүлүк даражасына карабастан жеткиликтүү болушу керек.

Кеңейтилген эшиктер коляска колдонгон майыптыгы бар адамдарга имаратка кирүү мүмкүнчүлүгүн берет.



Сүрөттө: Technopark коворкинг борборунун кире беришинин кеңейтилген эшиги (Бишкек).

# Ч ЧОГУУ ЖАШОО

Майыптыгы бар адамды зарыл өлчөмдө колдоонун бир түрү. Буга өзүн-өзү кароо, турмуш-тиричилигин жүргүзүү жана окутуу кирет. Колдоо даярдалган адистер тарабынан адамды жергиликтүү коомчулуктун жашоосуна аралаштыруу менен анын жашаган жери боюнча үй шартында көрсөтүлөт. Бул ар кандай муктаждыктары бар адамдарга менчик же ижарага алынган үйдө, чакан борбордо же коомчулукта жашоо менен көз карандысыз жашоого жардам берүү үчүн иштелип чыккан кызмат ⇨(Көз карандысыз жашоо).

Чогуу жашоо концепциясы өткөн кылымдын экинчи жарымында Европа жана Түндүк Америка өлкөлөрүндө пайда болуп, майыптыгы бар адамдарды өмүр бою институционалдык мекемелерге жайгаштырууну алмаштырган ⇨ (Деинституционализация). Улуу Британияда биринчи чогуу жашоо үйү 1974-жылы Кардиф шаарында түзүлгөн, анда бир үйдө майыптыгы бар беш чоң адам жана Кардиф университетинин ыктыярдуу үч студенти жашаган. Күндүз майыптыгы бар адамдар Trelai чоңдорго билим берүү борборунда убакыт өткөрүшкөн, ал эми студенттер лекцияларга катышкан. Майыптыгы бар адамдарга институтташтырылган мекемеде көп жылдар жашагандан кийин өз алдынча жашоого үйрөнүүгө негизги колдоо көрсөтүлгөн. Эгерде мурда алар өздөрүнө тамак жасоого, кийим тандап алууга, жашоосуна байланыштуу өз алдынча чечим чыгарууга мүмкүнчүлүктөрү жок болсо, эми кыска мөөнөткө ыңгайлашкандан кийин долбоордун катышуучулары коомчулуктун мүчөсү катарында өздөрүн бактылуу сезип, канааттандырарлык жашоодо жашап жатканын моюнга алышкан.

1980-1990-жылдары интернаттарды толугу менен алмаштырып, мамлекеттин колдоосунун негизинде дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө чогуу жашоо тажрыйбасы жайыла баштаган. Чогуу жашоонун ар кандай түрлөрү бар, анын ичинде көмөкчү турак үйлөр, социалдык айылдар, көз карандысыз жашоо борборлору, пансионаттар, үй-бүлө багуу, жеке жардамчы кызматы, майыптыгы бар адамдар же карылар үчүн атайын үйлөр ж.б.

Чогуу жашоонун эң маанилүү шарты - БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясына ылайык майыптыгы бар адамдардын укуктарын сактоо ⇨(БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы (МАУК))



Сүрөттө: тарбиячы РАСы бар балага жыгач аянтчада басуу аркылуу дененин координациясын башкарууну үйрөтүүдө.



Сүрөттө: тарбиячы бала менен столдо отуруп, ар бир буюмду көрсөтүп, аны оюнчук жаныбарлар менен тааныштырууда.

# Э ЭРТЕ АНЫКТОО ЖАНА ЭРТЕ КИЙЛИГИШҮҮ

Бул төрөлгөндөн 8 жашка чейинки балдардын өнүгүүсүнүн артта калуусу же өзгөчөлүктөрүн өз убагында аныктоо жана аларга, ата-энелерине/камкорчуларына жана үй-бүлөлөрүнө олуттуу көйгөйлөрдүн же майыптыктын келип чыгышын алдын алуу үчүн натыйжалуу жардам көрсөтүү.

Жашоонун биринчи жылдарында балдар эң интенсивдүү өнүгүп, ар бир бала уникалдуу жана өзүнүн өнүгүү темпине ээ. Бирок кээ бир балдар кошумча жардамга же атайын кызматтарга муктаж болуп, муктаждык аныкталганда дароо көрсөтүлүшү керек. Эрте аныктоо жана эрте кийлигишүү (ЭАжЭК) баланын абалы начарлап кетүүсүн болтурбоо үчүн гана эмес, баладагы зарыл турмуштук көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган.

Бул курак мезгили ЭАжЭК үчүн максаттуу катары аныкталган, анткени азыркы изилдөөлөр балага жана анын үй-бүлөсүнө жашоонун алгачкы жылдарында көрсөтүлгөн камкордук анын кийинки жашоосуна олуттуу таасирин тийгизерин далилдейт. Балага кичинекей курагында өз убагында жардам берүү бүт үй-бүлөнүн жашоо сапатын жакшыртат, аны андан ары билим алууга жана коомдо ийгиликтүү социалдаштырууга даярдайт, ошондой эле баланын көз карандысыздыгын жана өз алдынчалыгын жогорулатат.

ЭАжЭК баланын өнүгүүсүнүн төмөнкү негизги багыттарына көңүл бурат - физикалык, тилдик, социалдык-эмоционалдык, когнитивдик жана өзүн-өзү тейлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүү (Диаграмма). Бул багыттарды өнүктүрүү адам үчүн анын жашоосунда эң чоң мааниге ээ.

*Диаграмма. Балдарды кичинекей курагында өнүктүрүү багыттары*

| | |
|---|---|
| **Физикалык өнүктүрүү** | кыймыл, координация, тең салмактуулук, майда жана чоң моторикаларды жөнгө салуу |
| **Сүйлөөсүн өнүктүрүү** | фонематикалык кабылдоо, сүйлөө, угуу, сөз байлыгы |
| **Социалдык-эмоционалдык өнүктүрүү** | социалдык жана эмоционалдык интеллект башкалар менен байланыш жана өз ара аракеттенүү жүрүм-турум |
| **Когнитивдик өнүктүрүү** | ой жүгүртүү процесстери кабылдоо эс-тутум элестетүү логика көйгөйдү чечүү |
| **Өзүнө кам көрүү көндүмдөрүн өнүктүрүү** | баланын өз алдынча гигиенаны сактоосу жана өзүн-өзү тейлөөсү үчүн зарыл болгон жол-жоболорду аткаруу жөндөмдүүлүгү |

**ЭАжЭК бир нече максаттарга ээ, алардын ичинен үч негизгисин бөлүп көрсөтүүгө болот:**

- баланын ар тараптуу өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү (бардык багытта өнүктүрүү)
- баланы өнүктүрүүдө ата-энелерге/камкорчуларга жана үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү
- келечекте баланын өнүгүүсүнө байланышкан тобокелдиктердин жана көйгөйлөрдүн алдын алуу

Бул максаттарга жетүү үчүн өлкөдө эрте аныктоо жана кийлигишүү механизми түзүлүшү керек, ал кадамдарды же иш-чараларды этап менен ишке ашырууну билдирет:

*Диаграмма. Эрте аныктоо жана эрте кийлигишүү механизми (балдар үчүн)*

- Баланын өнүгүүсүнө скрининг, баа берүү жана мониторинг жүргүзүү
- Диагностика жана тобокелдикти аныктоо (артта калуу же өнүгүү өзгөчөлүктөрү)
- Кийлигишүү кызматын пландаштыруу жана координациялоо (Балага жана үй-бүлөгө кызмат көрсөтүүнүн жеке планын түзүү)
- Кызмат көрсөтүү же башка кызматтарга жиберүү (Балага жана үй-бүлөгө кызмат көрсөтүүнүн жеке планын ишке ашыруу)
- Баалоо жана өтүү

Скрининг баланын өнүгүү багыттарынын калыптанышын тез баалоого жана артта калуу белгилерин же өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берет. Баалоо – бул байкоону камтыган жана ар кандай адистердин маалыматтарынын негизинде убакыттын өтүшү менен баланын өнүгүүсү жөнүндө маалымат берген үзгүлтүксүз процесс. Мониторинг дайыма жана үзгүлтүксүз жүргүзүлүп, баланын табигый шарттарда өнүгүүсү жөнүндө маалымат берилет.

Өнүгүүнүн артта калуу коркунучу же белгиси табылганда баланын муктаждыктарына комплекстүү жана ар тараптуу («терең» деп аталат) баа берилет, анын натыйжасында кийлигишүү, башкача айтканда балага жана үй-бүлөгө кызмат көрсөтүүнүн жеке планы (же жеке өнүгүү планы) иштелип чыгат.

Балага жана үй-бүлөгө кызмат көрсөтүүлөр ар кандай уюмдар тарабынан көрсөтүлүп жаткандыктан, жеке кийлигишүү планы аткарылышын координациялоо, мониторинг жүргүзүү жана баалоо зарыл.

Белгилүү бир кызматта зарыл кызматтар жок болгон учурда, бала жана анын үй-бүлөсү башка кызматка (англис тилинде бул процесс "referral" деп аталат) жиберилет, андыктан ЭАжЭКнын эң маанилүү шарттарынын бири болуп трансдисциплинардык мамилеге негизделген ведомстволор аралык жана дисциплиналар аралык өз ара аракеттенүү саналат.

⇨ (Трансдисциплинардык мамиле).

Эгерде керектүү кызматтардын комплекси көрсөтүлгөндөн кийин бала аларга муктаж болбой калса, ЭАжЭК программасы аяктайт, бала өзүнүн муктаждыктарына ылайык кызматтар көрсөтүлө турган билим берүү системасына же башка системага өтөт.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТ


Celebrating 50 years of Innovate Trust: the amazing history of the UK's first supported living home https://scolarcardiff.wordpress.com/2019/04/09/celebrating-50-years-of-innovate-trust-the-amazing-history-of-the-uks-first-supported-living-home/

Emily Ladau, Demystifying Disability: What to Know, What to Say, and How to Be an Ally https://www.amazon.com/Demystifying-Disability-What-Know-Ally/dp/1984858971

Disability-inclusive language guidelines https://www.ungeneva.org/sites/default/files/2021-01/Disability-Inclusive-Language-Guidelines.pdf

Glossary of Disability Terminology. The essential guide towards and phrases acceptable for people with disabilities https://www.dpa.org.sg/wp-content/uploads/2015/10/DPA-Disability-Glossary-FINAL.pdf

Glossary of Disability-Related Terms https://www.washington.edu/doit/glossary-disability-related-terms
Information for all: European standards for making information easy to read and understand https://www.inclusion-europe.eu/easy-to-read-standards-guidelines/

Lennard J. Davis Disability Studies Reader, 5th Edition, 2016, New York, Routledge https://web.archive.org/web/20150402115835/ https://www.disstudies.org/about/what_is_ds

Nicole Baumer, Julia Frueh What is neurodiversity? https://www.health.harvard.edu/blog/what-is-neurodiversity-202111232645

What Is Deinstitutionalization? https://www.opensocietyfoundations.org/explainers/what-deinstitutionalization#:~:text=Deinstitutionalization%20is%20not%20a%20cost,services%20cost%20more%20than%20institutions.

Айман Экфорд. Нейротүрдүүлүктүн негиздери https://garagemca.org/programs/inclusive-programs/diversity-and-inclusion/osnovy-neyroraznoobraziya-preparing-staff-etiquette-terminology-and-accompaniment-during-tours

Ваньшин С. Н., Ваньшина О. П. Тифлокомментарий  же азиздер үчүн оозеки сүрөттөө: Инструктив-ыкма. колдонмо / Жалп. ред. ДСУнун вице-президенти В С Степанов, педагогика илимдеринин кандидаты  С. Н. Ваншина. - М., 2011. – 6-б.

Дүйнөлүк Саламаттык Сактоо Уюмунун (ДССУ) Иштөөнүн, тиричилик аракеттеринин жана ден соолуктун чектелишинин эл аралык классификациясы , 2001. http://who-fic.ru/icf/

Жеткиликтүү жана инклюзивдүү чөйрө, архитекторлор үчүн курс. https://xn--80akijuiemcz7e.xn--p1ai/courses/dostupnaya-i-inklyuzivnaya-sreda?lesson=osnovnye-terminy-i-ponyatiya-dostupnosti

Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча комитет, мыйзам алдындагы теңчиликти таануу жөнүндө №1 жалпы комментарий (2014-ж.), п. 12. https://www.ohchr.org/sites/default/files/Documents/Issues/Disability/SR_Disability/GoodPractices/Access-to-Justice-RU.pdf

БУУнун Майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча конвенциясы https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/disability.shtml

Майыптыгы бар адамдар жана алардын саясий жана коомдук турмушка катышуу укугун камсыз кылуу https://www.osce.org/files/f/documents/c/6/340251_0.pdf

Майыптыкты түшүнүү моделдери. https://garagemca.org/programs/inclusive-programs/diversity-and-inclusion/modeli-ponimaniya-invalidnosti-models-for-understanding-disability

Бириккен Улуттар Уюму, Майыптык темасындагы инклюзивдүү коммуникация боюнча колдонмо, 2023. https://www.un.org/sites/un2.un.org/files/2204195_r_undis_communication_guidelines.pdf

Бириккен улуттар уюму. Майыптыгы бар адамдардын инклюзиясы боюнча стратегия. https://www.un.org/ru/content/disabilitystrategy/

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТ


Бириккен улуттар уюму. Майыптыгы бар адамдардын инклюзиясы боюнча стратегияга техникалык эскертүүлөр (англис тилинде).
https://www.un.org/en/content/disabilitystrategy/assets/documentation/UN_Disability_Inclusion_Strategy_Entity_Technical_Notes.pdf

Романов П.В., Ярская-Смирнова Е.Р Майыптык саясаты: Заманбап Россиядагы майыптардын социалдык жарандыгы. – Саратов: “Илимий китеп” басмасы, 2006. – 260-б.
https://bojidarivkov.files.wordpress.com/2012/08/politika_invalidnosti_2006.pdf

Атайын Олимпиада оюндары
https://www.specialolympics.org/

Сурдлимпиадалык оюндар
https://www.deaflympics.com/

Майыптык боюнча терминология
https://cdsc.umn.edu/cds/terms

Россиядагы жана дүйнөдөгү тифлокомментарий жана аудиодескрипция.
https://specialviewportal.ru/articles/post59

УВКПЧ. Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция боюнча окуу материалдары.
https://www.ohchr.org/ru/disabilities/ohchr-training-package-convention-rights-persons-disabilities

Штягинова Е.А. Альтернативдик коммуникация.
https://fgosovz24.ru/assets/files/usloviya-realizacii/metod-kopilka/shtyaginova-e.a.-alternativnaya-kommunikaciya-metodicheskij-sbornik.pdf

Майыптыгы бар адамдарга карата этикет
https://unitedspinal.org/disability-etiquette/

ЮНИСЕФ. Майыптык тууралуу киришүү курсу (англис тилинде).
https://sites.unicef.org/disabilities/index_66434.html

OHCHR, Policy Guidelines for Inclusive Sustainable Development Goals Foundation
https://www.ohchr.org/sites/default/files/Documents/Issues/Disability/SDG-CRPD-Resource/Foundations/policy-guideline-foundations-final.pdf